| ТЕҢ УКУКТУУ ЭЛ. ТУРУКТУУ ӨЛКӨЛӨР |

# Bayan

2020 | СЕНТЯБРЬ | #8

ISSN 1694-8149

15 — ЖАШТАР АКЫЛ КАЛЧАП **ДОБУШ БЕРҮҮГӨ ЧАКЫРАТ**

28 — АЛИМЕНТТИН АЗАБЫ: **БАЛАНЫН ТЕПСЕЛГЕН УКУКТАРЫ**

11 — "ЖАШТАР ЛАБОРАТОРИЯСЫ-2020"




28 — КЫЗЫЛ ЗОНАДАГЫ ҮНДӨР: **"БИЗГЕ ЖАРДАМ КЕРЕК"**

47 — УЛАН АБДУЛЛАЕВ: **БАЛЧЫЛЫК — БУЛ ЖӨН ЭЛЕ КИРЕШЕ БУЛАГЫ ЭМЕС, БУЛ — ФИЛОСОФИЯ**

ISSN 1694-8149

Bayan

#8 | 2020



Bayan журналы окурмандардын кеңири чөйрөсүн Кыргыз Республикасында БУУӨП тарабынан ишке ашырылып жаткан эң кызыктуу жана актуалдуу иш мисалдары менен тааныштырат. Бул мисалдар өлкөбүздүн эң маанилүү делген көйгөйлөрүнө жана талаптарына жооп берет. Журнал өзүнө БУУӨП жана башка өнүгүү багытында иштеген өнөктөш уюмдардан колдоо алып жеке өзүнүн жана ошондой эле үй-бүлөсүнүн жашоо шартын жакшыртууга реалдуу мүмкүнчүлүк алган адамдардын ийгиликтүу окуяларын камтыйт.

**Bayan**
Маалымат журналы

Журнал
**Айнагүл Абдрахманованын**
жетекчилиги алдында даярдалды

КООРДИНАТОР
Чынтемир **Калбаев**

КОРРЕКТОР
Назгүл **Коңурбаева**

РЕДАКТОР
Назгүл **Коңурбаева**

ИЛЛЮСТРАТОР
Татьяна **Зеленская**

ДИЗАЙН / ВЕРСТКА
Марлен **Бексултанов**

ФОТО
Руслан **Кубанычбеков**
Сэм **Бараталиев**

АВТОРЛОР
Жазгүл **Масалиева**
Асипа **Алтымышева**
Махабат **Мырзаканова**

**БУУ ҮЙҮ**
Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Чүй пр., 160

тел.: +996 (312) 611 211
+996 (312) 391 140
факс: +996 (312) 611 217

@undpkg
@undpkg
@undpkg

Бул басылмада берилген ой-пикирлер Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасынын, анын программа/долбоорлорунун же өкмөттөрдүн көз караштарын чагылдырууга тийиш эмес. Колдонулган белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын же аймактын же алардын чек араларынын укуктук макамына тиешелүү көз караштарды чагылдырбайт.

**ӨНӨКТӨШТӨР**

# МАЗМУНУ


10 **Аялдардын саясатка катышуусу**
Кыргызстандагы мүмкүнчүлүктөр

12 “Жаштар лабораториясы-2020”:
**Сенин добушуң чечүүчү**

15 **Шайлоо-2020**
Жаштар акыл калчап добуш берүүгө чакырат

17 **Укуктук аймак**
Жаштар жана алардын укуктук сабатсыздыгы

21 **Алименттин азабы**
Баланын тепселген укуктары

23 **“Адамдардын жүрөгүндө зордук-зомбулукка көз жумуп коё албагандай сезимди ойготушубуз керек”,**
— Н. Никитенко

25 Кызыл зонадагы үндөр:
**“Бизге жардам керек”**

28 БУУӨП жана АӨБ:
**“Кыргыз өкмөтү чечкиндүү кадамдарга барышы керек”**

30 БУУӨПтүн колдоосу:
**Саламаттыкты сактоо тармагы көңүл борборунда**

33 Угуусу начар адамдар үчүн санарип флеш-карта жана медиа алиппе
**Inno KG сынагынын дагы бир жеңүүчүсү**

54 **Дем ал**
Таза аба үчүн 7 адат

36 **Экология**
Браконьерликтен жаратылыштын коргоочусуна чейинки жол

38 **Туризмдеги жаңы дем. Этникалык туризм**
Улан Абдуллаев: Балчылык — бул жөн эле киреше булагы эмес, бул — философия

41 Климаттык өзгөрүү
**Фермерчиликтеги жаңы билимдер**



# Луиз **ЧЕМБЕРЛЕН**

БУУӨПТҮН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ
**ТУРУКТУУ ӨКҮЛҮ**

## *Урматтуу окурман!*

***Bayan журналынын барактары аркылуу көрүшкөн акыркы жолугушуудан бери аз гана убакыт өттү, бирок көп нерсе өзгөрдү... Бүтүндөй өлкө "кара" июлду башынан кечирди. Эми болсо жаңы реалдуулукта жашаганды үйрөнүп жатабыз. Биз эле эмес, бүт дүйнө жаңыча жашоого үйрөнүп жатат. Bayan'дын бул санында биздин долбоор жана программалар пандемия шартында кыргызстандыктарга кандай жардам берип жаткандыгын баяндайбыз. Пандемия миң жылдыктын чакырыктарында белгиленген максаттарга жетүү маанилүү экенин дагы бир ирет тастыктады. Социалдык-экономикалык көптөгөн проблемаларды даана көрсөтүп, тамаал ашуу ашууга даяр эмес экенибизди айгинеледи. БУУӨП Азиа өнүктүрүү банкы менен биргеликте пандемия Кыргыз Республикасынын – экономикалык жагдайына кандай таасир бережери жана буга карата кандай чаралар көрүү керектиги боюнча изилдөө жүргүздү.*** *Пандемиянын кесепетинен Кыргызстандын экономикасы ушул жылы эле 10%га, акча которуулардын көлөмү 25%га кыскарышы мүмкүн. Жалпысынан жакырчылыктын көрсөткүчтөрү өсүп, социалдык-экономикалык аярлуулук өрчүйт. Эң начар сценарий менен караганда, ар бир бешинчи кыргызстандык ишсиз калышы мүмкүн. Ооба, алдыда бизди оор күндөр күтүп турат. Бирок эмне болоорун алдын ала билүү менен биз анын кесепеттерин жеңилдетүүгө аракет кыла алабыз. Андыктан, экономиканы жандандыруу үчүн азыр бизнести колдоо, инвестиция, алды менен медицина тармагына инвестиция тартуу керек. Соңку окуялар бул тармак канчалык маанилүү экенин баарыбызга көрсөттү. Бул чыгарылышта биз учурдун нагыз баатырлары болгон "кызыл" зонадагы медиктер жөнүндө жаңы баяндарды даярдадык.*

*COVID-19 экология маселеси канчалык маанилүү экенин даана көрсөтүп, адамдар өз саламатыгы үчүн жаратылышты коргоого алышы керектигин дагы бир ирет тастыктады. Таза аба үчүн ар бир адам күнүмдүк турмушунда кандай жөнөкөй аракеттерди көрүүсү керектиги жөнүндө айтып беребиз. Кезинде аң улап, жапайы жаныбарларга мылтык атып жүргөн браконьер бүгүн кантип жаратылышты адам "жырткычтардан" коргоп жатканы сиз үчүн кызыктуу болот деп ишенем.*

***Албетте, шайлоо темасы бул чыгарылыштын фокусунда. Айрыкча жаштар жана аялдардын шайлоо процесстерине активдүү тартылуусу тууралуу баяндайбыз. Аялдар дагы деле саясатта аз жана бул бир гана Кыргызстанда эмес. Андыктан аялдардын саясий укук жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жаатында БУУӨПтүн жүргүзүп жаткан иш-аракеттери мени кубандырбай койбойт. Биз кыздар жана аялдарга карата жасалган кылмыш иштерин иликтөөдөгү прокурорлордун иши боюнча абдан маанилүү иликтөө жүргүздүк. Пандемиянын айынан аргасыз изоляцияда калуу коомдогу эң олуттуу көйгөйлөрдүн бири болгон үй-бүлөлүк зомбулук темасын кайрадан күн тартибине чыгарды. Көзөмөл-текшерүү органынын бул көйгөйдү чечүүдөгү ролу чоң. Андыктан журналдын бул санында аялдарга карата зомбулукту жоюу темасына кайрадан кайрылабыз. Ошону менен катар алимет өндүрүүнүн жаңы укуктук рычактары жөнүндө айтып беребиз.***

*Биз азыр оңой эмес турмушту баштан кечирип жатабыз. Пандемия биздин көндүм адат жана мүмкүнчүлүктөрдү чектеп койду. Бирок, башкысы баш аман болсо, башкасын чогу жеңебиз деген ишенимдемин.*

***Ар бириңизге саламаттык каалайм!***


ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ
1 ЖАКЫРЧЫЛЫКТЫ ЖОЮУ
2 АЧКАЧЫЛЫКТЫ ЖЕҢҮҮ
3 ЖАКШЫ ДЕН СООЛУК ЖАНА БАКУБАТТУУЛУК
4 САПАТТУУ БИЛИМ
5 ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК
6 ТАЗА СУУ ЖАНА САНИТАРИЯ
7 АРЗАН ЖАНА ТАЗА ЭНЕРГИЯ
8 ТАТЫКТУУ ЖУМУШ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮҮ
9 ИНДУСТРИЯ, ИННОВАЦИЯ ЖАНА ИНФРАСТРУКТУРА
10 ТЕҢСИЗДИКТИ АЗАЙТУУ
11 ТУРУКТУУ ШААРЛАР ЖАНА ЖАМААТТАР
12 ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ КЕРЕКТӨӨ ЖАНА ӨНДҮРҮШ
13 КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮ МЕНЕН КҮРӨШ
14 СУУНУН АСТЫНДАГЫ ЖАШОО
15 ЖЕРДИН ҮСТҮНДӨГҮ ЖАШОО
16 ТЫНЧТЫК, АКЫЙКАТТЫК ЖАНА НАТЫЙЖАЛУУ ИНСТИТУТТАР
17 ЖАЛПЫ МАКСАТТАР ҮЧҮН ӨНӨКТӨШТҮК
ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ

# АЯЛДАРДЫН САЯСАТКА КАТЫШУУСУ

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР



ИЛЛЮСТРАЦИЯ | ТАТЬЯНА **ЗЕЛЕНСКАЯ**

**Дүйнөдөгү 152 өлкөнүн 10ун гана шайлоо жолу менен тандалган аялдар башкарат. Көпчүлүк өлкөлөрдө дагы эле аялдардын саясий активдүүлүгү төмөн.**

Кыргызстанда мырзалар көбүнчө кризистик кырдаалда аялдарды алдыга түртүп, жоопкерчиликти алардын мойнуна илгенге аракет кылганын байкалат. Буга өткөөл мезгилде өлкөнү жетектеген экс-президент Роза Отунбаева мисал боло алат. Андагы дагы анын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 1,5 жылга чектелген.

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДЕ АЯЛДАРДЫН САНЫ АКЫРКЫ 9 ЖЫЛ ИЧИНДЕ 2,89%ГА КЫСКАРГАН

**БУУӨП аялдардын саясатка катышуусу боюнча маалыматтык кампания өткөрүп жатат. Пандемияга байланыштуу талкуулар онлайн өтүп, ага шайлоо тармагында эл аралык адистер жана Кыргызстандык талдоочулар, саясатчылар катышууда.**

**“Аялдардын саясатка катышуусуна акчанын таасири”, “Европалык Биримдиктеги аял лидерлер”, “Латвиялык айымдардын тандоосу - шайлоо”, “Аялдардын саясатка катышуусун күчтөндүрүү механизмдери” темасында пикир алмашуулар болду.**



Кыргызстанда аялдардын саясатка аралашуу укугун кепилдеген мыйзамдык жоболорду Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү Атыр Абдырахматова менен бирге белгиледик.

*Кыргызстан “Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жок кылуу” конвенциясына 1996-жылы кошулган. Анын 2-бөлүгүнүн 7-беренесинде аялдардын саясий жана коомдук турмушка эркин аралашуусуна жол ачуу жана алардын шайлануу укуктарын камсыздоо каралган.*

*Аялдар эркектер менен бирге мамлекеттик башкарууга катышууга, шайлоого жана шайланууга тең укуктуулугу белгиленет.*

## ӨЛКӨНҮН БАШКЫ МЫЙЗАМЫНДА АЯЛДАРДЫН МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУГА АРАЛАШУУ УКУГУ БЕЛГИЛЕНГЕНБИ?

*Аялдар менен эркектердин тең укуктуулугу конституцияда белгиленет. Баш мыйзамдын 16-беренесинде Кыргызстанда жынысына карата басмырлоого жол берилбестиги айтылат. Андан сырткары, аял менен эркектин укугу жана эркиндиги тең, аны ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрү дагы бирдей деп жазылган.*

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТЕ АЯЛДАР ҮЧҮН КАНЧА ДЕПУТАТТЫК МАНДАТ БӨЛҮНГӨН?

*“КРнын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” мыйзамдын 2-беренесинде “аялдарга эркектер менен бирдей Президенттин кызматына жана Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайлануу укугун ишке ашыруунун тең мүмкүнчүлүктөрү камсыз кылынат” деп көрсөтүлөт.*

*Жогорку Кеңеште аялдардын саны алардын саясий активдүүлүгүнө байланыштуу. Себеби, “КРнын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” мыйзамында аялдарга бөлүнгөн квотанын саны көрсөтүлгөн эмес. Анда парламенттин бир жыныстуу болуусуна каршы норма киргизилген. Ага ылайык депутаттардын 70%ы гана бир жыныстуу болушу шарт. Башкача айтканда, аялдар кааласа 84 мандатка (120 мандаттын 70%на) ээ боло алышат.*

*Ал эми шайлоого катышкан партиялардын тизмесинде ар бир төртүнчү талапкер башка жаныстан болушу керек. Мисалы, үч аялдан кийин бир мырза, кайра үч аял болуп. Бирок, азырынча тескеринче талапкерлердин катарында мырзалар басымдуулук кылат.*



## ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДЕ АЯЛДАРГА КАНЧА КВОТА БӨЛҮНГӨН?

*Шаардык кеңештерде партиялык тизмеде ар бир төртүнчү талапкер аял болушу шарт. Ал эми айылдык кеңеште орундардын 30%ы аялдарга бөлүнөт.*

## АЯЛДАРДЫН САЯСАТКА КАТЫШУУСУНА ТОСКООЛДУК ТҮЗҮҮЧҮ НОРМАЛАР БАРБЫ?

*Президенттикке ат салышуу үчүн БШКнын эсебине акчалай күрөө коюу керек. Көпчүлүк аялдардын финансалык мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Ресурстардын көбү мырзалардын колуна топтолгондуктан, бул норма коомдо теңсиздикти жаратууда. Андыктан, талдоочулар күрөө коюуга талапты алып салууну сунуштайт.*

## МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТА, ӨКМӨТТҮН КУРАМЫНДА ГЕНДЕРДИК БАЛАНС САКТАЛЫШЫ КЕРЕКПИ?

*Аткаруу бийлигинде дагы 30%дан кем эмес жетекчилер башка жыныстын өкүлдөрү болушу керек. Бирок, бул норма сакталбай, айрыкча министрлер кабинетинде мырзалар басымдуу кылат.*

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ ДЕПУТАТ БОЛГОН АЯЛДАРДЫН МАНДАТЫ КЕПИЛДЕНГЕНБИ?

*Буга чейин депутат болгон аялдардын ордун кепилдеген норма жок болчу. Шайлоодон кийин партиялык тизмедеги аялдар “өз каалоосу менен” деген жүйөө менен мандаттан баш тартып, ордуна мырзалар келчү.*

*“КРнын Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө” мыйзамга киргизилген акыркы өзгөртүүлөр парламенттеги аялдар ээ болгон мандаттарды кепилдейт. Эми аял мандаттан баш тарткан учурда ордуна партиялык тизмедеги кийинки аял келет.*



ТЕКСТ | ЖАЗГУЛ МАСАЛИЕВА

КЫРГЫЗСТАН

# САЯСАТТАГЫ АЯЛДАРДЫН САНЫ*



ЖОГОРКУ КЕҢЕШ*

17 АЯЛ

103 ЭРКЕК

ӨКМӨТ

2 АЯЛ

20 ЭРКЕК

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕР

АЯЛ

11%

ЭРКЕК

89%

*ЖОГОРКУ КЕҢЕШ (VI-ЧАКЫРЫЛЫШ)

*КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СТАТИСТИКА КОМИТЕТИ

# ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК

# 5

# ЖАШТАР ЛАБОРАТОРИЯСЫ 2020

# СЕНИН ДОБУШУҢ ЧЕЧҮҮЧҮ

## ЖАШТАР – САЯСИЙ КҮЧ

Кыргызстанда катталган 3 миллион шайлоочунун үчтөн бири 18 жаштан 30 жашка чейинки жаштар. 2017-жылкы шайлоодо болсо булардын болгону 41,5%ы шайлоого катышып өз тандоосун жасаган.

Эми сен “жаштарды шайлоого кантип тартуу керек?” деп ойлонуп калдыңбы… Менин бул суроого даяр жообум жок, бирок бул блогдо биздин жамааттын ийгиликтери жөнүндө айтып берем.

БУУ Өнүктүрүү программасынын шайлоо долбоорунун алкагында Кыргызстандын Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча Борбордук Комиссиясы менен биргеликте биз жаштарды шайлоого тартуунун ар кандай жолдорун сынай баштадык.

*“Менин добушум эч нерсени чечпейт…”*
*“Мен шайлоого барбайм…”*
*“Саясат мага кызыксыз…”*

***Жок, досум, мен сенин бул айткандарыңга кошулбайм. Сен өнүккөн өлкөдө жашагың келби, анда жарандык активдүүлүккө чакырам.***



МАХАБАТ **МУРЗАКАНОВА**
**БУУӨП** КЫРГЫЗСТАН / КООРДИНАТОР




СҮРӨТ | РУСЛАН КУБАНЫЧБЕКОВ

Алгач "Жаштар лабораториясы" жөнүндө айтып берейин. Эмне үчүн "Жаштар лабораториясы"? Лаборатория — ар кандай идеялар жана гипотезалар белгилүү бир натыйжага жеткенге чейин сыналуучу жай. Биздин "Жаштар лабораториясынын" иши дагы дал ушул системага негизделген — биз ар кандай форматтагы идеяларды сынап көрөбүз: видео, анимация, тасма, жергиликтүү мобилизация, онлайн флеш-моб жана тез арада натыйжа бере турган башка нерселер. Ошентип, продуктарды иштеп чыгуудан мурун, лабораториянын катышуучулары ар кандай идеяларды түзүү жана аларды креативдүү ишке ашыруу үчүн дизайн ой жүгүртүү ыкмасы менен экспресс-тренингден өтүшөт. "Жаштар лабораториясы" аркылуу Кыргызстандын жети облусунан жана Россиянын Екатеринбург шаарынан жигердүү жаштарды тарта алдык.



СҮРӨТ | РУСЛАН КУБАНЫЧБЕКОВ

## АДИЛЕТ ЖАНА ИНКЛЮЗИВДҮҮ ШАЙЛОО — ӨНҮГҮҮНҮН АЧКЫЧЫ

Шайлоо жараянына жаштарды тартуу эмне үчүн маанилүү? Биздин максат БШКга шайлоону адилет жана инклюзивдүү өткөрүүгө жардам берүү. Бул бардык жарандарды өлкө ичинде жана чет өлкөлөрдө шайлоого катышууга түрткү берет дегенди билдирет. Шайлоочулар тобу бир нече топторго бөлүнөт: аялдар, мигранттар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар жана жаштар. Ар бир топ менен өзүнчө иш-чаралар өткөрүлөт. Мындай топторго бөлүштүрүү кыйла натыйжалуу. Мисалы, жаштар абдан активдүү, бирок аларга жол көрсөтүү керек, ошондуктан биз алар менен интерактивдүү ыкмаларды колдонуп иштейбиз. Аялдарга болсо түрткү бериши керек, ошондуктан биз алар менен иштөөдө белгилүү адамдарды role model катары тартабыз. Алар өз мисалында аялдардын саясий процесстерга катышуусу эмне үчүн маанилүү жана кантип катышуу керектигин айтып беришет.

Мигранттарда болсо шайлоону уюштуруу боюнча суроолор көп: шайлоочулардын тизмесине кирүү үчүн кандай документтерди тапшыруу керек, пандемия учурунда Кыргыз Республикасынын чет өлкөлүк өкүлчүлүктөрү жабылып калса, кайда кайрылуу керек, шайлоо участокторү кайсы жерлерде уюштурулат жана башка. Алар үчүн БШК, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги, элчиликтердин жана консулдуктардын өкүлдөрү менен биргеликте онлайн режиминде жолугушууларды өткөрүп, актуалдуу маселелер боюнча кыскача видеотасмаларды даярдап, ишеним телефонун уюштуруп, Россия жана Казакстандан келген чалууларды акысыз кылып уюштуруп бердик. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар ушул ишеним телефондорунун операторлору катары тартылып, алардын шайлоого өз салымын кошуусуна мүмкүнчүлүк түзүлдү.

## АКТИВДҮҮ ЖАШТАР — ӨНҮККӨН ӨЛКӨ

2017-жылы президенттик шайлоодо алдында катталган жалпы шайлоочулардын саны 3 миллионго жакын болсо, алардын үчтөн бири чет өлкөлөрдө жашашкан. Ошондуктан, программа алкагында онлайн аянтчалары аркылуу диаспоралардын өкүлдөрү менен иштешүү өтө маанилүү.

Биз социалдык медиада идеяларды чогултуу боюнча сынак жарыялап, кызыктуу видео аркылуу жаштардын көңүлүн бурдук, миллиондогон жолдоочулары бар инфлюенсерлерди тартып, шайлоочулардын калың катмарына маалымат жеткире алдык. БУУӨПнын Фейсбуктагы жана Инстаграмдагы баракчалары бир жумада эле 1 миллиондон ашык көрүүнү алды.

Андан кийин биз 30 активдүү жаштарды тандап алып жаштар менен активдүү иштешүүнү баштадык. Азат Рузиев, Мээрим Осмонова, Улан Үсөйүн жана Жетиген Такенов сыяктуу насаатчылар жана активисттер жаштарга өз идеяларын, түшүнүктөрүн иштеп чыгууга жана аларды ишке ашырууга жардам бериши күтүлүүдө.

*“Мен алган билимимди келечекте медиа-продуктумду жайылтуу үчүн колдоном. Мен Мээрим Осмоновадан медиа-продуктумду кантип жана кайсы платформада жарнамалоо керектигин, Азат Рузиевден адамды кызыктыруу үчүн кандай видео жасоо керек, ошондой эле видео жасоочу программалар жөнүндө көптөгөн кызыктарды билдим. Мындан тышкары, графикалык дизайн мен үчүн жаңы нерсе болду, бирок аны өздөштүрүүгө көп убакыт талап кылынат экен”,*

— «Жаштар лабораториясынын» катышуучусу.



СҮРӨТ | РУСЛАН КУБАНЫЧБЕКОВ

Чынын айтканда, мындай кайтарым пикирлерди алгандан кийин, жасаган ишиң бекерге кетпегенине ынанып, мындан дагы чоң иштерди жасоого мотивация аласың. Эми мен Кыргызстанда шайлоо институтун бекемдөөгө кандай салым кошо алаарымды жана менин салымым “Жаштар лабораториясына” тартылган жаштардын, менин кесиптештеримдин, өнөктөштөрүмдүн, диаспоралардын жана жалпы эле өлкөбүздөгү шайлоочулардын салымы маанилүү экендигин түшүнүп жатам. Ар бир жарандын шайлоо жараянына маалымдуу катышуусу адилеттүү, инклюзивдүү жана демократиялык коомду куруунун күчтүү механизмдеринин бири экендигине ишенем. Андыктан сен дагы сенин добушуң чечүүчү экенин унутпа!

ТЕКСТ | МАХАБАТ **МЫРЗАКАНОВА**

# ТЫНЧТЫК ЖАНА АКЫЙКАТТЫК

16

# ЖАШТАР АКЫЛ КАЛЧАП ДОБУШ БЕРҮҮГӨ ЧАКЫРАТ

Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын 30дан ашуун жаштары парламенттик шайлоо алдында салмактап тандоо жасоо боюнча элдерге түшүндүрүүчү видео материалдарды даярдап, жайылтышат. Ал үчүн Ош шаарында 11-13-сентябрь күндөрү атайын "Салмактап тандоо жаса" деген аталыштагы медиа лаборатория өткөрүлдү.



Иш-чаранын биринчи күнү жаштар парламентаризм боюнча түшүнүк алышып, экинчи жана үчүнчү күндөрү атайын менторлордун жардамы менен түркүн идеялар боюнча акыл калчап, сценарий жазып, видео ролик жаратуу жана түркүн маалымат булактарына жайгаштыруу негиздерин үйрөнүп, иш жүзүндө аткарып көрүштү.



Жыйынтыгында 8 команданын ичинен 3 команда атайын калыстар тобунун тандоосунан өтүп, өз идеяларын иш жүзүнө ашырууга мүмкүнчүлүк алышты. Алар 4-октябрда өтчү парламенттик шайлоого карата демократиялык парламентаризмди жайылтуу максатында өз видеолорун түркүн телеканал, социалдык тармактар жана онлайн басылмалар аркылуу жарыялашат.



Таиржан Турсуналиев атындагы медиа мектеби активдүү жаштарга парламентаризм боюнча жалпы түшүнүк берип, жана аларга медиа контент жасоону үйрөтүп, ал материалдар аркылуу парламентттик демократиянын баалуулуктарын жайылтууну көздөйт.

"Жаштар парламенттик демократиянын баалуулуктары үчүн" демилгеси БУУӨП Кыргыз Республикасында жүзөгө ашырып жаткан Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттигинин (SDC) долбоорунун алкагында өткөрүлдү.



ТЕКСТ | НУРЖАН **АЛЫМКАНОВА**
СҮРӨТ | БУУӨП КЫРГЫЗСТАН

# ЖАЛПЫ МАКСАТТАР ҮЧҮН ӨНӨКТӨШТҮК

# 17


# УКУКТУК АЙМАК

## ЖАШТАР ЖАНА АЛАРДЫН УКУКТУК САБАТСЫЗДЫГЫ

Жаштар көйгөйдүн ачкычы укук жолунда экенин дайым эле түшүнө беришпейт. Алар өз укугун колдонуу, укугу бузулган учурда каякка кантип кайрылуу керектигин да билишпейт. Маселе айрыкча аймактарда курч. Жаштар эле эмес, айрым учурларда чоңдор дагы маалыматтын жетишсиздигинен укуктук талаадан алыстап, каякка кайрыларын билбей, керектүү иш кагаздарын алышпай, никесин каттабай, андан кийин баласын дагы туулгандыгы тууралуу күбөлүксүз калтырышат.

Кыргызстандын юридикалык клиникалар ассоциациясы 9 чек арага чектеш коомдо жүргүзгөн иликтөөсүндө, жаштар укуктук маселелерди өз учурунда чечпей, негативдүү кесепеттердин алдын ала албагандыгы көрсөтүлөт.

> “
>
> *“Мисалы, биздин мыйзамдарда баланын төрөлүшүн өз убагында каттап, туулгандыгы тууралуу күбөлүк алуунун жол-жобосу аныкталган. Ал милдет ата-энеге жүктөлүп, арыз берүүнүн мөөнөтү белгиленген. Мөөнөтү өткөндөн кийин бул жобону аткарбагандарга айып пул салынат.*
>
> *Эгер ата-эне жоопкерчилигин убагында аткарса, аны ишке ашыруу жолдорун билсе, ал укуктук негативдүү кесепеттердин алдын алат. Баласына күбөлүк алгандан кийин медициналык, билим берүү укуктарына ээ болот”,*
>
> **— дейт БУУӨПтүн долбоордук кеңешчиси Наргиза Таштемирова.**



### АЙРЫКЧА АЙМАКТАРДА ЖАШТАР АРАСЫНДА УКУКТУК САБАТСЫЗДЫК КҮЧ

Ассоциациясынын маалыматында, айыл жеринде жарандык, аскерге чакырык, жаш куракка байланыштуу чектөөлөр, ар кандай маалымдамаларды алуу (аскерде кызмат өтөөгө жарабастыгы боюнча медициналык бүтүм), жарандык актылар (паспорт, аты-жөнүн өзгөртүү, туулгандыгы тууралуу күбөлүктөгү катаны оңдоо), жер маселелери (жерди ижарага алуу), билим берүү жаатындагы суроолор актуалдуу.

Укуктук ченемдер, мыйзамдар баары ачык, интернеттен булактарынан дагы таап окуса болот. Бирок, жаштар укуктук жаңылыктарга жана өзгөрүүлөргө кызыга бербейт. Андыктан эксперттер юридикалык маалыматтарды жаштардын тилинде жеткирүү керектигин белгилешет. Анткени, укуктук маалыматтардын жаштарга багытталган түшүндүрмөлөрү жокко эсе, мамлекеттик жана башка мекемелердеги стенддердеги юридикалык тексттер татаал тилде жазылган.

*“Мигранттардын балдары татаал топту түзөт. Мисалы, жаш чагынан чоң апасы менен жашаган 15 жаштагы бала паспорт алуу боюнча тынчсызданyусун билдирген. Анын ата-энеси чет өлкөдө миграцияда жүрүшөт, башка өлкөнүн жарандыгын да алышкан. Бала чоң апасын убара кылбай, паспортко алууга байланыштуу түйшүктү өз мойнуна алгысы келген.*

*Ал үчүн өспүрүм ата-энесинин нотариустан ырасталган макулдугун алып, Жарандык актыларды каттоо бөлүмүнө тийиштүү документтерди тапшырышы керек.*
*Аны атайын комиссия карап, бала кыргыз жараны экендигин аныктап чыгат. Бирок, бул жаш бала үчүн татаал жол. Анын маңызын түшүнбөгөндүктөн баш тартуу жана ишенбестик жаралат”,*

**— дейт Наргиза Таштемирова.**




## “УКУКТУК АЙМАК”: ӨЗ УКУКТАРЫҢДЫ БИЛ

Бул максатта “Укуктук аймак” маалымдамасы иштелип чыкты. Анда эң көп берилген юридикалык жааттагы суроолорго жооптор камтылат. Мисалы, чек арадагы айыл тургуну коңшу өлкөнүн жараны болгон жубайына кантип Кыргызстандын жарандыгын алуу боюнча суроосуна жооп алат. Жооптор жөнөкөй, түшүнүктүү тилде жазылган.

*“Жаштардын тексттен окууга анчейин кызыкпастыгын эске алып, маалымдама визуалдаштырып, комикстер менен коздолду. Кандайдыр бир юридикалык кадамга керектүү болгон документтердин тизмеси берилбей, сүрөттөлүп көрсөтүлөт.*

*Жаштарга, аймактагы элдердин күнүмдүк жашоосундагы баардык ойлонткон маселелерди камтууга аракет кылдык. Аймактарда “Укуктук аймактын” сүрөттөлүп жасалганына баа беришти. Аны окуп, юристтерге кошумча маалымат алганы кайрылгандар бар”,*

**— дейт Кыргызстандагы юридикалык клиникалардын ассоциациясынын долбоордук адиси Элиза Салижанова.**

Маалымдамага мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам, Мамлекеттик каттоо кызматы жана Акыйкатчы институту жөнүндө маалымат берилет. Адистердин айтымында, жаштар өз укуктарын коргоо үчүн кимге кайрыларын билишпегендиктен Акыйкатчы боюнча дагы камтылды.
“Укуктук аймак” Кыргызстандын баардык аймактарына таркатылды.

ТЕКСТ | БУУӨП КЫРГЫЗСТАН
СҮРӨТ | БУУӨП КЫРГЫЗСТАН

# ТЫНЧТЫК ЖАНА АКЫЙКАТТЫК

16

# АЛИМЕНТТИН АЗАБЫ: БАЛАНЫН ТЕПСЕЛГЕН УКУКТАРЫ

2019-жылы

**49 431** нике катталган **10 992** үйбүлө бузулган*

Башкача айтканда, ар бир бешинчи түгөй эки ажырым жолго түшкөн. Статком, ажырашуунун шаар жеринде айылга салыштырмалуу эки эсе көп катталаарын белгилейт.

Бирок бул расмий никеге турган түгөйлөр боюнча гана маалымат. Ага диний жөрөлгө менен гана чектелип, ЖААК органдарына каттоого турбаган үй-бүлөлөрдүн абалы камтылган эмес. Андыктан ажырашуулардын жана ортодо калган балдардын саны мындан бир топ көп болушу ыктымал. Үй-бүлө очогу бузулганда ортодогу балдар психологиялык жактан оор абалган туш келгени аз келгенсип, көбүнчө алардын укугу сакталбай, алимент чегерилбей калат. Биздин коомдо алимент ата-эненин бирөөсүнө эмес, балага төлөнөрү, ал анын мыйзамдуу укугу экендиги эске алынбайт.

http://www.stat.kg/kg/news/braki-i-razvody-v-kyrgyzstane-v-2019-godu/

* Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча

## АЛИМЕНТ — БУЛ БАЛАНЫН УКУГУ

Балага алимент чегерип алууну көпчүлүк жарандар кемсинүү, тиленүү катары кабыл алышат. Анын үстүнө юридикалык процедура дагы татаал, кошумча чыгымдарды талап кылгандыктан жалгыз бой энелердин баары эле баласына мыйзамдуу акчаны чегерип алууга ашыга беришпейт.

***“Сен жалгыз эмессиң” кыймылынын жетекчиси Ак-Моор Ян дагы жолдошу менен ажырашкан кезде алиментке арыз берген эмес. Бирок, кийин уулуна оор операция жасоого акча керек болуп, сотко кайрылган.***

***“Мен дагы кезинде “намыстуу” болуп алименттен баш тартканмын. Азыр дагы баласына акча алууга каршы болгон аялдар бар. Акчалуу, билимдүү айымдар “өзүм эле бага алам” дешет. Колунда жок аялдардын мурдакы жолдошу менен соттошууга акчасы жок. Анткени, жактоочу жалдаш керек. Убакыт коротуп, сотко барып туруш керек”,***
— дейт Ак-Моор Ян.

Баланын укугу корголгон өлкөлөрдө ажырашуу учурунда балага автоматтуу түрдө эле алимент аныкталат.

## КОРРУПЦИЯГА ТЕПСЕЛГЕН КӨЗ-ЖАШ

Кыргызстанда өзүнүн ата-энелик укугунан качкан жарандар акчаны баласына эмес соттун чечимин сатып алууга жумшашат.

*“Алимент боюнча ишти кароого даяр болгон жактоочуну табуу да кыйын. Анткени, алар ал аялдын финансалык абалын билишет. Төлөй албай калат деп коркот. Соттор дагы кимде акчасы көп болсо, ошого ыктап чечим чыгарат. Процессти атайын чоюп, жактоочу ай сайын гонорарын алып, сот болсо чечим үчүн “акча” үмүт кылып жүрө берет. Мындан улам менин эсебимде, Кыргызстандын аялдардын 70%ы алиментти алууга арыз бербейт”,*
— дейт “Сен жалгыз эмессиң” кыймылынын жетекчиси.

*Алимент боюнча соттун чечими чыккан күндө дагы анын аткарылышы күмөн. Баласына ай сайын кирешесинин төрттөн бир бөлүгүн которуп туруу айрым аталар үчүн өтө кыйын. Жалгыз бой эне алимент төлөнбөй жатканын далилдөө үчүн дагы сотко кайрылат. Бул дагы кошумча чыгым, көз жаш, убакыт, нерв. “Экинчи тарап сотту гана сатып албастан, кээде кошуна-тааныштар аркылуу дагы аялга кысым жасап, аны ичкич же адепсиз көрсөтүүгө аракет жасашат. Мен акчалуу эле аталардын “жумушсуз калдым” деп справка алып келгенин, “эч мүлкүм жок” деп миллиондогон акчаларын кичинекей баладан аяп жашырганын айтпай эле коюун. Ага карабай аялдар мурдакы жолдошун аталык укуктан ажыраткысы келбейт. “Бир тыйын бербесе да, жаман болсо дагы баламдын атасы деп аяшат”,* — дейт Ак-Моор Ян.

## БАЛА АКЫСЫ КЕМ БОЛБОСУН

Мыйзам долбоордо эң башкысы алименттин минималдуу өлчөмү бекитилди. Алиментти өлчөмүн аныктоодо Статистикалык комитет бекиткен минималдык айлык акыга карата чечим чыгарылат.

*“Айлык акысын миң сом деп жаздырып, баласына айына 250 сомдон төлөгөндөр бар. Эми ага бөгөт коюлду. Айлык акы расмий бекитилген минималдуу өлчөмдөн кем болбойт”,*
— дейт Кыргыз-Орус Славян университетинин жарандык укук жана процесстер кафедрасынын доценти Надежда Пригода.

Баладан тыйынын аяп, жылдап бир сом төлөбөй, мыйзамга баш ийбей жүргөндөрдүн дагы тагдыры аныкталды. Милдеттин аткаргысы келбеген жаран укуктан кол жуууйт.

## АРГА ДА, ЖАЗА ДА ЖОК

Сот аткаруучуларынын маалыматында, алимент төлөөдөн качкандардын тизмесинде 40 миң 637 киши бар. Ата-энелик милдетин аткаруудан баш тарткандарды жоопкерчиликке чакыруудан жана айып пул салуудан башка мыйзамдуу чаралар жок. Андыктан алар жылдап алиментти төлөбөй жүрө беришет. Ал арада балдар чоңоюп, алиментке муктаждыгы жок болуп калган учурлар дагы кездешет. 2005-жылдары сот аткаруучулардын колунда таасирлүү курал бар болчу. Алименттен качкан атага арыз түшсө, аны 3 суткага камай алышчу. 2010-жылы мыйзамдарды гумандаштыруу толкуну менен бул чара алынып салынган.



***“Үй-бүлөлүк кодексте алиментти төлөөдөн баш тарткандар боюнча айтылат. Бирок, аныктоо жок болчу. Биз эми үч ай катары менен, же бир жыл төлөбөсө, ал ата-энелик укугунан ажыратылат деп көрсөтүлдү. Анткени, алимент төлөбөгөн адамга бизде айып пул гана жаза катары каралган. Алименттен качкан эч кандай айып пулду да төкпөйт. Жоопкерчиликтен качып жүрө берет”,***
— дейт Надежда Пригода.

Айтмакчы, алиментти төлөбөгөндөр чет өлкөгө дагы чыга албайт. Балага акчаны 5 күн кечиктирген жаранга сот аткаруусу өзү заматта жолун жабат. Үч ай катары менен төлөбөсө же акчаны толук бербесе, анда анын жоопкерчилиги Кылмыш жаза кодексинин негизинде каралууга тийиш.

## БАЛА БАГУУГА ГАНА ЭМЕС, БАШПААНЕККЕ ДАГЫ АКЫЛУУ

Үй-бүлөлүк кодекске революциялык жаңылык киргизилди. Алименттен сырткары, баланын турак жайга чыгымы дагы ата-энелердин мойнуна илинди.

***“Бала менен апасында же атасында өз үйү болбосо, алар батирди ижарага алып жашаса, анда анын акысын төлөөдө экинчи ата-энени дагы тартса болот. Башкача айтканда ижара акынын баласына тиешелүү бөлүгүн ата-энеси экөө чогуу төлөйт. Ал үчүн ата-энелердин бири сотко кайрылышы керек”,***
— дейт Надежда Пригода.

Ажырашкандан кийин түгөйлөрдүн баары эле тил табышып, үлгүлүү ата-эне бойдон кала беришпейт. Кээде баланы чет өлкөгө убактылуу алып барып келүү дагы сотко жетип, бүтпөгөн талашка айланат. Ортодо баягы эле баланын укугу тепселип, ата-энесинин айынан кыймылы чектелет.

***“Мисалы, баланы чет өлкөгө олимпиадага, сынактарга, эс алууга алып барып келүү үчүн сөзсүз түрдө эки жактын тең нотариустан бекитилген уруксаты керек. Келишпестиктер болгондо иш сотто көпкө созулуп кетиши мүмкүн. Азыр аны бир айдын ичинде карап чыксын деп чектеп койдук. Мында бала 10 жашта чоң болсо, анын дагы оюн угушу зарыл”,***
— дейт Надежда Пригода.

## КҮРӨШ АЛИ АЛДЫДА

Эксперттердин демилгечи тобу баланын укугун камсыздоо үчүн күрөштү ушуну менен токтотпойт. Үй-бүлөлүк кодекске дагы жаңы өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн сунуштар бар. Алардын бири баланын кыймылын чектөөнү толук алып салуу.

***“Чет өлкөгө убактылуу чыгуу үчүн балага бир эле ата-эненин уруксаты жетиштүү”,***
— дейт Надежда Пригода.

Ата-энеси ажырашкан балдар үчүн паспорт алуу дагы чоң көйгөй. Кээде бой жеткен өспүрүм бала чактан бери көрө элек ата-энесинин бирөөсүнүн уруксатын алуу үчүн, аны издөөгө түшөт.

***“Паспорт – бул Кыргызстандын менчиги. Эмнеге аны бой жеткен жаран өз калоосу менен эле ала албайт? Паспорт алуу үчүн жаран эмнеге бирөөгө көз-каранды болуш керек?” дейт талдоочулар.***

Шайлоо аяктап, жаңы парламент ишине кириши менен демилгечилер депутаттар менен сунуштарды талкулоого киришмекчи.


ТЕКСТ | ЖАЗГУЛ **МАСАЛИЕВА**
СҮРӨТ | НАЗГУЛ **КОҢУРБАЕВА**

# ТЕҢСИЗДИКТИ АЗАЙТУУ

10

# АДАМДАРДЫН ЖҮРӨГҮНДӨ ЗОРДУК-ЗОМБУЛУККА КӨЗ ЖУМУП КОЁ АЛБАГАНДАЙ СЕЗИМДИ ОЙГОТУШУБУЗ КЕРЕК

**Н. НИКИТЕНКО**



СҮРӨТ | БУУӨП КЫРГЫЗСТАН

Акыркы убактарда үй-бүлөлүк зордук-зомбулук Кыргызстанда чоң көйгөйгө айланды. Бул көрүнүш жакындан бери эле курчудубу же кыргызстандыктардын аң-сезимине терең сиңип калган көзгө көрүнбөй келген көйгөйдүн эми бети ачылып жатабы деген суроо туулат. **Аялдар менен кыздарга карата зордук-зомбулук жасалган чуулгандуу учурларга мыйзам чыгаруучулар кандай карайт? Мыйзамдардын аткарылышында кемчиликтер барбы жана алар менен кантип күрөшүү керек?**

Биз бул суроолорго Жогорку Кеңештин депутаты, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-процессуалдык кодексинин 504-беренесине өзгөртүү киргизүү боюнча демилгечи Наталья Никитенко менен болгон маекте жооп табууга аракет кылдык. Айтмакчы, бул өзгөртүүлөргө ылайык, үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка шектелген адамды укук коргоо органдары 48 саатка чейин камай алышат.

***– Наталья Владимировна, жаңы мыйзам туурасында кененирээк айтып берсеңиз? Бул мыйзам үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан коргонууну кантип күчөтө алат?***

– Чындыгында үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка байланыштуу жагдай көп жылдан бери эле оор абалда калып келет. Бирок, жалпы статистика жок болгондуктан бул көйгөй көмүскө мүнөздө болчу. Биз бул көйгөйдү кылмыштар менен жоруктардын Бирдиктүү реестри (ЕРПП) киргизилгенден кийин көрө баштадык. Аталган реестрде үй-бүлөлүк зомбулуктар боюнча учет жүргүзүлөт, мындай учурларды аныктап, жабыр тартуучулар менен күбөлөрдүн учету алынат. Реестрдин аркасы менен статистика бир топ ачык болуп калды. Бирок, бул адамдар укук коргоо органдарына кайрылган гана учурлар, сүрөт же видео социалдык тармактарга чыгып, ММКларда чагылдырылгандар. Көмүскө зордук-зомбулук учурлары дагы деле абдан көп, алар ошол бойдон чечими жок калууда.

*“Зомбулукка ар кандай шылтоолор менен көз жумуп коё албагандай мамилени калыптандыруу үчүн коомчулук арасында өтө кеңири маалыматтык иш алып барыш керек”*

Өзгөчө абалдын киргизилиши көмүскө «эпидемиянын» бетин ачты — адамдар жабык мейкиндикте калганда үй-бүлөлүк зордук-зомбулук күч алды. Ошондуктан, азыр болгон ресурстун баарын топтоп, үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка каршы күрөшкө багыттоо зарыл. Биз ар кайсы шылтоого таянып коомчулук зомбулукка көз жумуп койбогондой мамилени калыптандырышыбыз керек. Ошондой эле өлкөдө саясий эрктүүлүктүн болушу да үй-бүлөлүк зомбулукту жок кылууда абдан маанилүү. Бул багытта азыр иштер жүрүп жатат: пландар, долбоорлор, демилгелер даярдалууда. Бирок бул жетишсиздик кылат.

*“Мурда зөөкүрлүк кылгандарды жабыр тартуучудан дароо бөлүүгө мүмкүнчүлүк жок болчу. Жаңы нормага ылайык укук коргоо органдары шектелген адам эгер жабыр тартуучу тарапка коркунуч келтире турган болсо, аны камай алышат”*

Парламент тарабынан мурда кабыл алынган нормаларга кошумча, биз, аял депутаттар, үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка шектелген адамга баш коргоо чарасын киргизүүнү сунуштадык. Мындай чара эгер шектелген адам мас абалында же баңги чегип алган болсо жана/же жабыр тартуучуга коркунуч келтирүүсү мүмкүн болгон учурларда күчүнө кирет. Мындай учурларда укук коргоо органдары жабыр тартуучун коргоо үчүн ал адамды 48 саатка чейин камай алышат. Камоо убактылуу кармоочу жайларда же башка укук коргоо органдарынын көзөмөлүндөгү жайларда болушу мүмкүн.

Мыйзам иштелип жатканда аялдардын жана гендердик уюмдар, укук коргоо органдары жана эл аралык институттар менен консультациялар өткөрүлдү. Айта кетчү нерсе, мыйзамга өзгөртүү киргизүү карантиндин айынан көйгөй өтө актуалдуу болуп тургандыктан өтө кыска мөөнөттүн ичинде ишке ашты.

***— Мындай мыйзамдар менен өзгөртүүлө кабыл алынганы жакшы, бирок иш жүзүндө алар кандай аткарылып жатат?***

— Көп сандаган мыйзамдар кабыл алынып, бирок алардын аткарылыш сапаты дайыма эле жогорку деңгээлде эмес экенине мен макулмун. Ошондуктан кандайдыр бир нормативдик акт кандай иштеп жатканын баалоо абдан маанилүү. Бул үчүн эчак эле ойлонуп табылган инструмент бар — мониторинг жана баалоо. Мыйзамдардын үстүнөн мониторинг жана баалоо жүргүзүү алардын кандай аткарылып жатканы боюнча дайыма маалымат алып турууга жол берет, эгер талаптагыдай иштебесе кайсы бир жерине түзөтүү киргизүүгө мүмкүндүк берет.

*“Парламенттин ишинин натыйжалуулугун арттыруу үчүн, мыйзамдардын аткарылышы боюнча мониторинг жана баалоо жүргүзүү өтө зарыл. Бизде бул багытта адистер жетишпейт. Баалоонун жыйынтыктары бар, бирок көп учурда аларды бизге эл аралык уюмдар беришет”*

Биз мониторинг жана баалоо элементтерин Кыргыз Республикасынын «Укук бузууларды алдын алуу» жана «Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан коргоо жөнүндө» мыйзамдарынын алкагында сынап көрдүк. Биз баалоонун жыйынтыктарын изилдеп чыгып, бир катар өзгөртүүлөрдү даярдадык. Менин оюмча, мындай тажрыйба Жогорку Кеңеш үчүн өзүнүн мыйзам чыгаруу жана көзөмөл кылуу милдетин натыйжалуу аткарышына көмөк болмок. Азыркы сөз болуп жаткан өзгөртүүлөр туурасында кандайдыр бир бүтүм чыгарууга али эрте, анткени алардын кабыл алынганына эки ай эле өттү. Мыйзам иштесин, анан фактылар базасы жетиштүү болгон кезде балоо жүргүзүүгө болот.

***— Үй-бүлөлүк зордук-зомбулукту болтурбоо үчүн КРнын мыйзамдарын дагы кантип жакшыртууга болот?***

— Азыркы учурда зордук-зомбулук жакын туугандары тарабынан жасалган учурларда мындай укук бузуулар үчүн жоопкерчиликти күчөтүүнү сунуштаган мыйзам долбоору иштелип жатат. Ал азыр экинчи окууда каралууда, эми күзүндө аны кайра талкууга алабыз деген үмүтүм бар.

*“Үй-бүлөлүк зомбулук жана аны алдын алуу боюнча ар тараптуу мамлекеттик саясаттын болушу зарыл; калк арасында маалымдоо иштерин жүргүзүү; мамлекеттик ММКларда калкты зомбулукка көз жумбоого чакырган фильмдер менен сериалдарды көрсөтүү керек”*

Жалпысынан, бизге үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу үчүн бирдиктүү жана ар тараптуу мамлекеттик саясат зарыл. Калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, үй-бүлөлүк зомбулукка жол берүүгө болбой турганын жеткирүү керек. ММКларда калкты зомбулукка көз жумбоого чакырган фильмдер менен сериалдарды көрсөтүү керек. Азыр бул нерселер жок. Тескерисинче, айрым мамлекеттик ММКлар ар кандай роликтер же башка материалдар аркылуу зомбулук, ала качууну кубаттап жатканын көрүп жатабыз. Биз депутат катары мындай көрүнүштөрдү сынга алабыз жана үй-бүлөлүк зордук-зомбулукту алдын алуу жана ага каршы күрөш жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатка чакырабыз.

Мындан тышкары, азыр «Кыргыз Республикасында укук бузууларды алдын алуу жөнүндө» Мыйзамдын жаңы редакциясы даярдалып жатат. Бул дагы кылмыштуулукту азайтуу, анын ичинде Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлүк, гендердик зомбулуктарды кыскартууга карата өтө маанилүү жана олуттуу кадам деп эсептейм.

*“Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыркагандарго колдоо көрсөткөн кризистик борборлорго мамлекет колунан келген көмөгүн көрсөтүүсү керек”*

Сөз акырында айткым келет, донорлордун, эл аралык коомчулуктун колдоосунун аркасында, өлкөдө кризистик борборлор иштеп жатышат, алар зомбулуктан жапа чеккендерге жардам көрсөтүүдө эң маанилүү элемент болуп саналат. Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги алардын айрымдарына колдоо көрсөтүп келет, бирок мындай колдоо алда канча көп болууга тийиш. Кризистик борборлор өкмөттүк эмес уюмдар эмес, биринчи кезекте мамлекеттин колдоосуна таянышы керек. Иш жүзүндө көрүп жатпайбызбы, мындай борборлорго болгон муктаждык абдан жогору, бирок алар жетишсиз.

Азыр мамлекеттин алдында эң чоң жана маанилүү милдет турат – үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү үчүн маалыматтын көлөмүн көбөйтүү, кризистик борборлорго колдоо көрсөтүү, бирдиктүү гендердик саясатты өнүктүрүү жана эл аралык коомчулук, жарандак сектор менен бирдикте аялдарды үй-бүлөлүк жана гендердик зордук-зомбулуктан коргоо үчүн активдүү аракетке келүү.

ТЕКСТ | ЧЫНТЕМИР **КАЛБАЕВ**

# ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК

5

# КЫЗЫЛ ЗОНАДАГЫ ҮНДӨР: “БИЗГЕ ЖАРДАМ КЕРЕК”

*«Мени үйдө төрт балам күтүп жатат, аларды мен 14 күндөн бери көрө элекмин... Алар ооруп калса, эмне болот, аларга ким кам көрөт деп тынчсызданам»...*


## ТАПКЫЧТЫК МЕНЕН АДАМ ӨМҮРҮН САКТАГАН БААТЫРЛАР

Аида врач-фтизиатр. Ал азыр Нарындын Ак-Талаа районунда Covid-19 боюнча кызыл зонада иштейт. Ал өзүнүн ар бир бейтабы үчүн тынчсызданат. Ооруканада медициналык каражаттардын жетишсиздиги абалды ого бетер оорлотууда дейт Аида: “Бизде өпкөнү жасалма дем алдыруучу бир гана аппарат (ӨЖД) бар. Бир учурда эки оор бейтап келип түшкөн күндөр болот. Экөөнү тең аппаратка кошуу керек, а аппарат болсо бирөө эле. Бирөөсүн ӨЖД аппаратына, экинчисин төрт кычкылтек концентраторуна коштук. Ал болсо сатурациясы (кандагы кычкылтектин көлөмү) 40% болгон улгайган аял эле. Үч күн дегенде биз бейтапка туташкан концентраторлордун бирин өчүрдүк, төртүнчү күнү дагы бирөөсүн, ошентип акырындык менен баардыгын алып салдык. Ошол эле учурда ал бардык дары-дармектерин алып жатты. Натыйжада биз анын сатурациясын 90-92%га көтөрдүк. Ошентип биз тапкычтыгыбыз жана бир ӨЖД аппараты менен эки бейтапты аман алып калдык. Мен биздин дарыгерлердин мындай эрдиги менен сыймыктанам”.

Аида медицина кызматкерлери чынында жардамга муктаж экенин айтат. Эң жөнөкөй коргоочу каражаттар жетишпеген шартта медиктер жоопкерчилик сезиминин жана бейтаптардын ыраазычылыгынын жардамы менен карманышып жатышат.



**Нургүл:** *“Оор абалдагы бейтаптар көп болду, айрымдары эс-учун жоготушат, мындай учурларда биз дароо чара көрүүгө милдеттүү элек. Талаа шарттарында үйрөнүүгө туура келди. Биз аларды таштап, качып кете албайт болчубуз”.*




## БЕЙТАПТАРДЫН АМАН-ЭСЕН БУТУНА ТУРУШУ — МЕДИКТЕРДИН КУБАНЫЧЫ ЖАНА ЖЕҢИШИ

Токмок шаарындагы оорукананын социалдык кызматкери Нургүл үчүн кызыл зонада иштөө жаңы тажрыйба болду.

*“Covid-19 менин ишимди толук өзгөрттү. Мен дарылар, сатурация, биринчи жардам, кычкылтек концентратору менен кантип колдонуу керектиги жөнүндө көп жаңы нерселерди билдим”.*

Нургүл Токмок шаарынын мектебинде ачылган күндүзгү стационарда 14 күн иштеди, бирок 9 күндүк эс алуудан кийин ооруп калган кесиптешин алмаштыруу үчүн кызыл зонага кайтууга туура келет.

Бейтаптардын азаюусун жана абалдын жакшырышын көрүүгө кубанычтамын, дейт ал. Пандемия күчөгөн маалда алар күнүнө 300гө жакын бейтапты дарылашса, учурда 100дөн аз бейтап дарылап жатышат.

Бирок Нургүлдүн үнүнөн абдан чарчаганы угулуп жатты.

*“Бул оор жана коркунучтуу болду. Мен улгайган бейтаптар, алар үчүн тынчсызданган балдары жана өзүмдүн кесиптештерим үчүн сарсанаа болуп жаттым. Бул жерде өлүм болбосо экен деп тилеп, дуа кылам. Бейтаптардын аман-эсен бутуна турушу — биздин кубаныч жана жеңиш”.*

Пандемия маалында медицина кызматкерлерин колдоо үчүн КИЖС, кургак учук жана малярияга каршы күрөшүү үчүн Глобалдык фонд тарабынан каржылануучу БУУӨПтүн “Кыргыз Республикасында АИВ жана кургак учукка натыйжалуу көзмөл” долбоору жакынкы келечекте Covid-19 боюнча онлайн-тренингдерди, ошондой эле психологиялык семинарларды жана консультацияларды уюштурат.

ТЕКСТ ЖАНА СҮРӨТ | МАРИОН **БИРЕМОН** / БУУӨП КЫРГЫЗСТАН

# ЧЫҢ ДЕН СООЛУК

3

СҮРӨТ | РУСЛАН КУБАНЫЧБЕКОВ

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ COVID-19:**
СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КЫРДААЛГА БОЛГОН ТААСИР, АЯРЛУУЛУК ЖАНА САЯСИЙ ЖООП КАЙТАРУУ

## БУУӨП ЖАНА АӨБ:

# КЫРГЫЗ ӨКМӨТҮ ЧЕЧКИНДҮҮ КАДАМДАРГА БАРЫШЫ КЕРЕК

**Кыргызстан пандемияга байланышкан социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү саламаттык сактоо системасын бекемдөө, социалдык жардамдын көлөмүн көбөйтүү, жумуш орундарын түзүү жана өкмөттүн пандемияга каршы иш-аракеттеринин ачык-айкындуулугун жогорулатуу боюнча чечкиндүү чараларды көрүү аркылуу чече алат.**

**Бул тууралуу Азия өнүктүрүү банкы (АӨБ), Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасы жана Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин Экономика саясатын изилдөө институту биргелешип өткөргөн изилдөөнүн жыйынтыгында айтылат.**

**Аталган баяндамада глобалдык, аймактык жана жергиликтүү макроэкономикалык шоктордун Кыргыз Республикасынын жарандарына кандайча таасир берип жатканы жана алардын ичинде формалдуу эмес сегменттер, эмгек рыногу, шаар жана айыл тургундары, аярлуу катмарларынын кырдаалы сүрөттөлөт. Анда жакырчылык, азык-түлүк коопсуздугу жана мамлекеттик саясаттын жетиштүүлүгү да талкууланат.**

2020 -ЖЫЛ

**-10%** ИЧКИ ДҮҢ ПРОДУКЦИЯ

**-25%** СЫРТТАН АКЧА КОТОРУУЛАР

**+21%** ЖУМУШСУЗДУКТУН ӨСҮШҮ КҮТҮЛӨТ

ЖАКЫРЧЫЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АЯРЛУУЛУКТУН ӨСҮШҮ БОЖОМОЛДОНОТ

Экономиканын негизги бутактары болгон туризм, соода, керектөө кызматтары жана курулуш тармактарында божомолдонгон жоготуулар формалдуу эмес сектордо иштеген жана эч кандай социалдык коргоого алынбаган шаар тургундарына орчундуу таасирин бермекчи. Изилдөө мындан тышкары кичи ишкерлер, майыптуулугу барлар жана көп балалуу үй-бүлөлөр пандемиянын социалдык-экономикалык кесепеттерине өзгөчө дуушар болоорун көрсөттү.

Бул кырдаалды жакшыртуу максатында аярлуу жамааттар үчүн саламаттык сактоо кызматтарына инвестицияларды көбөйтүү, кичи бизнести колдоо, эмгек мигранттарына гендердик-багытталган гуманитардык жардам берүү, жаңы аярлуу топторду камтыган социалдык жардамдын көлөмүн чоңойтуу, адамдардын ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана "мурдагыдан мыкты" калыбына келтирүүнү колго алуу сыяктуу комплекстүү сунуштар келтирилди.

"Бул изилдөө эл аралык эксперттердин, илимий мекемелердин жана Кыргызстандын илимий чөйрөсүнүн биргелешип коронавирус пандемиясынын Кыргызстанга болгон социалдык-экономикалык таасиринин болжолдуу сценарийлерин жазып чыгуу боюнча иш-аракетинин натыйжасы. Биз бул изилдөөнүн сунуштары кабыл алынат деп ишенебиз"



САНЖАР **МУКАНБЕТОВ**
Кыргыз Республикасынын
Экономика министри

"Пандемия — бул өнүгүү кризиси.
Ал Кыргызстан калкы үчүн экономикалык структураны жана перспективаларды түп тамырынан өзгөрттү жана аярлуу топтордун санын көбөйттү.

Баяндамада ар кыл аспекттер каралып, өлкөнүн кандайча жабыркаганы тууралуу толук картина берилди. Азыр туруктуулукту бекемдөө, жакырланууну токтотуу, ошондой эле экономикалык секторлорду бекемдөөнүн жаңы жолдорун изилдөө жана фискалдык стабилдүүлүктү калыбына келтирүүгө багытталган иш-чараларга көңүл бөлүү керек.

БУУӨП БУУнун башка агенттиктери менен чогуу жумуш орундарын түзүү, социалдык биримдүүлүктү бекемдөө үстүндө иштеп, ошол эле учурда өкмөттүн "мурдагыдан мыкты" калыбына келтирүү жана "туруктуу өнүктүрүүнү тездетүүгө" багытталган жаңы стратегияларды издөөсүнө өбөлгө болмокчу".



ЛУИЗ **ЧЕМБЕРЛЕН**
БУУӨПтүн
Кыргыз Республикасындагы
Туруктуу өкүлү

"Бул баяндамада тиешелүү органдардын узак убакыттуу стратегия иштеп чыгып, аны структуралык жакырчылыкты кыскартуу, Туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетүү жана эч кимди артта калтырбоо үчүн ишке ашыруусуна көмөк болчу айкын сунуштар бар. Бул анализдин жыйынтыктары кыска мөөнөттүү перспектива алкагында өкмөттүн COVID-19 пандемиясынын кесепеттерине каршы турууда негиздүү чечимдери кабыл алуусуна көмөкчү болот".



КЭНДИС **МАКДЭЙГАН**
АӨБнын Кыргыз Республикасындагы
Туруктуу өкүлчүлүгүнүн директору


СҮРӨТ | СЭМ **БАРАТАЛИЕВ** / БУУӨП КЫРГЫЗСТАН

**БУУӨП жана АӨБ:**
Кыргызстан пандемияга байланышкан социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү саламаттык сактоо системасын бекемдөө, социалдык жардамдын көлөмүн көбөйтүү, жумуш орундарын түзүү жана өкмөттүн пандемияга каршы иш-аракеттеринин ачык-айкындуулугун жогорулатуу боюнча чечкиндүү чараларды көрүү аркылуу чече алат.

Бул изилдөөдө сурамжылоо жыйынтыктары жана Кыргыз Республикасындагы өнүктүрүү боюнча агенттиктердин маанилүү салымы колдонулду. Алар: БУУ тутуму — Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасы, ЮНФПА, БУУнун Азия жана Тынч океан чөлкөмүндөгү Экономикалык жана социалдык комиссиясы, БУУнун азык-түлүк жана айыл-чарба уюму, Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму, Эмгек боюнча эл аралык уюму, Миграция боюнча эл аралык уюму, БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ), БУУнун Гендердик теңдик жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча уюму, БУУнун билим, илим жана маданият боюнча уюму жана ошондой эле Кыргыз Республикасындагы эки тараптуу жана көп тараптуу уюмдар.

БУУӨПтүн иш-аракети тиешелүү органдардын 2030-жылга чейин төрт негизги секторндо кеңири перспективаны көрүү, тандоо жасоо жана татаал маселелерди чечүү боюнча жардам берүүгө багытталган. Алар: башкаруу, социалдык коргоо, «жашыл» экономика жана санариптештирүү. Бул жакка укук үстөмдүгү, элекрондук башкаруу, санариптештирүү жана «жашыл» экономиканы инвестициялоо, формалдык эмес сектордун жумушчуларына стратегия түзүү жана жаңы «жашыл» жумуш орундарын сунуштоо аркылуу жаштар арасындагы ишкердикти өнүктүрүүнү камтыйт. БУУ тутумунун COVID-19 пандемиясына жооп кайтаруу чараларынын алкагында БУУӨП 2,8 млн. АКШ долларын мобилизациялай алды. Бул каражаттар саламаттык сактоо тутумуна жардам берүүгө багытталды жана БУУӨП өлкөдөгү ишмердүүлүгүн пандемиядан кийинки туруктуу өнүктүрүүнү колдоого мерчемдеди.

170тен ашуун өлкөдө иштеп, БУУӨП жашоо деңгээлин жогорулатуу жана улуттарды бекемдөө үчүн глобалдык перспективаны алып келет жана жергиликтүү көйгөйлөрдү түшүнүүнү сунуштайт.

**АӨБ 2020-жылдын май айында бюджетти колдоого багытталган 50 млн. АКШ долларын бөлүп берип, Кыргыз Республикасындагы COVID-19дун саламаттык сактоо жана экономикалык кырдаалга болгон кесепеттерин жумшартууга багыттады.**

**Июнь айында болсо саламаттык сактоо тутумун ыкчам колдоо үчүн 20 млн. АКШ доллары бөлүндү.**

**Буга чейин апрель айында АӨБ кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүү үчүн Кыргыз Республикасынын медициналык материал жана жабдыктарды сатып алуусу үчүн 200,000. АКШ доллары, андан кийин 800,000 АКШ долларын бөлүп берген болчу.**

АӨБ гүлдөгөн, инклюзивдүү жана туруктуу Азия-Тынч океан аймагын түзүүгө умтулат жана жакырчылыктын чегин кыскартууга болгон аракетин токтотпой келет. АӨБ 1966-жылы түзүлүп, анын курамында 68 өлкө-мүчө бар, алардын 49у ушул аймакта жайгашкан.

ТЕКСТ | БУУӨП КЫРГЫЗСТАН

# ТАТЫКТУУ ЖУМУШ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШ

8

## БУУӨПТҮН КОЛДООСУ:
# САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО ТАРМАГЫ КӨҢҮЛ БОРБОРУНДА

**Биздин негизги максатыбыз —** кандай оор күндөр болбосун Кыргызстандын элине ар тараптуу жардам көрсөтүү.



УМАР **ШАВУРОВ**

БУУӨПтүн COVID-19дун кесепеттерин экономикалык калыбына келтирүү боюнча кеңешчиси

— Жазында пандемия Кыргызстанда жайыла баштаганда БУУӨП кырдаалды олуттуу чакырык катары кабыл алып, бүткүл күчүн бул жаатта колдоо көрсөтүүгө багыттады.

Биздин негизги максатыбыз — кандай оор күндөр болбосун Кыргызстандын элине ар тараптуу жардам көрсөтүү. Андыктан пандемия учурунда дагы биздин команда, анын курамынын көпчүлүгү жергиликтүү жарандар, коронавирустун кесепеттерин азайтуу үчүн колдо бар ресустарынын баарын колдонууда.

Алгач биз өзүбүздүн 23 миллион доллар эсебинде бюджеттик портфелди кайра карап чыктык. Коронавирус менен күрөшкө ишке ашып жаткан жана жаңы долбоорлордун алкагында жалпысынан 4,5 миллион долларга жакын каражат жумшалды.

**COVID-19 менен күрөштө биз өзүбүзгө үч негизги багытты белгиледик:**

1. Саламаттыкты сактоо тармагындагы иш чараларды колдоо. Буга медициналык товарларды сатып алуу жана ташып келүү дагы кирет;
2. Кризистик кырдаалда башкаруу тутумун бекемдөө;
3. Пандемиянын социалдык жана экономикалык кесепеттерин жоюу.



**Учурда биздин стратегия өкмөткө жана элдерге коронавирус жана ага байланыштуу карантиндик тартиптен кийин калыбына келүүсү үчүн төрт тармакта иш алып барууда:**

1) **Туруктуу мамлекеттик башкаруу**

2) **Социалдык коргоо**

3) **Санариптик чечим**

4) **Жашылдандыруу менен калыбына келүү.**

Бул багыттар мамлекеттин глобалдык деңгээлдеги Туруктуу Өнүгүү Максаттары (ЦУР) менен тыгыз байланышта. Бул тапшырмаларды ишке ашыруу үчүн биз жаңы ресурстарды издөөдөбүз. 10 миллион доллар өлчөмүндөгү долбоорлорду иштеп чыгып, ишке ашыруу алдындабыз.

Биздин команда БУУнун Кыргызстандагы башка мекемелери менен стратегиялык өнөктөш катары иштеп, муктаждык бар багыттар боюнча жардам берүүгө даяр.

БУУӨП Азия Өнүктүрүү Банкы менен бирге коронавирустун социал-экономикалык кесепеттерин иликтеп чыкты. Ага БУУнун тутумундагы бир нече уюмдар катышты. Анын жыйынтыгы менен коомдун кайсы катмары эң көп зыян алды, экономиканын кайсы тармагына олуттуу зыян тийди жана кандай жардам керектиги айгинеледи.

***— Бул арада кайсы тармактар өзгөчө көңүл бөлүүгө муктаж болду?***

— Биринчи кезекте БУУӨПтүн көңүл борборунда Саламаттыкты сактоо тармагы болду. Ошол эле учурда ишке ашып жаткан долбоорлордун алкагында калктын аярлуу катмары менен (кургак учук, ВИЧ/СПИД менен ооругандар жана башкалар) иш токтогон жок.

БУУӨП жана АБР жүргүзгөн иликтөөлөргө таянып белгилей кетсем, коронавирус эпидемиясы жеке ишкерлерге, чакан жана орто бизнестин абалына жана өнүгүүсүнө олуттууу таасир берет.

Такыр колдоосуз калган калктын аярлуу катмары — бул көмүскө экономикада иштеген аялдар, жаштар жана балдар.

### *— Медицина тармагына кандай жардам көрсөтүлдү?*

— Пандемия жарыяланышы менен СПИД, кургак учук жана малерияга каршы күрөшүүчү Глобалдык фонд дароо башка иштерге багытталган акчаларды Covid-19га каршы жолдоого уруксат берди.

Глобалдык Фонд тарабынан каржыланган БУУӨПтүн "Кыргызстанда АИВ менен кургак учукту натыйжалуу көзөмөлдөө" долбоору Саламаттыкты сактоо министрлигине 8 жасалма дем алдыруучу аппарат жана 6 миң 550 даана ПЧР тест сатып берди. Ал эми мамлекеттик жазаны аткаруу системасына 2 жасалма дем алдыруучу аппарат бөлүнүп берилди. Жалпысынан эпидемия учурунда жабдуулар жана дарт аныктоочу тесттер 314,055.31 АКШ долларына сатылып алынды. Алардын айрымдары аймактарга жөнөтүлдү.

БУУӨПтүн долбоору жабык мекемелерде иштеген медиктерге жана жазасын өтөп жаткандарга Covid-19дун алдын-алуу боюнча чараларын маалымдаган 1 миң 800 баракча тапшырды. Өзгөчө кырдаал министрлигине дагы 25 миң бет кап берилди. ӨКМ менен кызматташууну улантып, видеоконференция үчүн жабдууларды алып берүү пландалууда.

Биз жакынкы күндөрдү кургак учук жана респиратордук илдеттер менен иштеген медициналык мекемелердин кызматкерлерине 100 миң доллардан ашык суммага респиратордук бет каптарды алып беребиз. Бул долбоор Жапон өкмөтүнүн колдоосу менен каржыланып жатат.

**8** ЖАСАЛМА ДЕМ АЛДЫРУУЧУ АППАРАТ

**6550** ПЧР ТЕСТ

ДАРТ АНЫКТООЧУ ТЕСТТЕР **$314,055.31**

**1 800** МААЛЫМДАМА БАРАКЧА

**25 000** БЕТ КАП

**$100 000** РЕСПИРАТОРДУК БЕТ КАПТАР

***— Гуманитардык жардам иретинде чоң өлчөмдөгү жеке коргонуучу кийимдердин, бет каптардын берилгенине карабай Кыргызстанда медиктер арасында вирусту жуктуруп алуу жогору. Дарыгерлердин коопсуздугун камсыз кылуу жана гуманитардык жардамды максаттуу колдонушун көзөмөлдөө жаатында кандай иштер жүрдү?***

— Жогоруда айтып кеткендей, кыргыз өкмөтүнүн калкка сапаттуу медициналык жардам көрсөтүүсүнө көмөктөшүү үчүн бардык долбоорлор заматта кайра каралып, оңдоп түзөтүүлөр киргизилди.

Саламаттыкты сактоо тармагынын Covid-19 пандемиясына каршылык көрсөтүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн медициналык мекемелерди жабдуу, кызматкерлерди жеке коргонуучу каражаттар менен камсыздоону биринчи орунга койдук.

БУУӨП "кызыл" зонада иштеген айрым дарыгерлердин обсервациядагы чыгымдарын дагы каржылоодо.

Пандемиянын башынан бери вируска чалдыккан бейтаптар менен тыгыз иштеген медиктерге 50 миң хирургиялык бет кап жана 2 миң FFP2 респиратору тапшырылды.

***— Covid-19дун кесепеттери менен иштөө жаатында кандай иш-чаралар жүргүзүлүүдө? Мисалы, оорудан айыккан адамдарга психологиялык жана башка жардам көрсөтүү боюнча...***

— Глобалдык фонддун атайын долбоорунун алкагында Covid-19 боюнча атайын плакат, маалымдамаларды чыгарып таркатуудан сырткары саламаттык сактоо тармагынын кызматкерлерине жылдын аягына чейин онлайн –тренинг жана онлайн-психологиялык семинарлар өткөрүлөт. Бул да болсо медиктердин пандемия менен күрөшүнө кол кабыш.

25-августтан 17-сентябрга чейин БУУӨП Россиянын Илимдер академиясынын Психология институту менен биргеликте COVID-19дан жапа чеккендерге психологиялык жардам көрсөтүүгө психотерапевтердин жана психологдордун билимин жакшыртуу үчүн тренинг өткөрдү. Ага Кыргызстандын Саламаттыкты сактоо министрлигинин бул тармактагы адистери, психотерапевттер жана психологдор, медициналык окуу жайлардын жогорку курстарынын студенттери катышты.

***— Пандемия ар кандай такталбаган маалыматтар жана коомчулук арасында ишенбестик менен коштолду. Мындай өңүттөгү талкууларга вирусту аныктоочу тесттердин жыйынтыктары дагы түрткү болуп жатты. БУУӨП бул жаатта кандай кеңеш берет?***

— Коронавирус боюнча такталбаган маалыматтарды таркатуунун алдын-алуу үчүн БУУӨП апрель айында инновациялык чечимдердин сынагын өткөрдү.

Анда телемедицина боюнча долбоор жеңүүчүлөрдүн бири катары таанылды

БУУӨП андан тышкары новаторлордун жана экономикалык эксперттердин тармагы менен иштеп, аларды өлкөнүн Маалыматтык технологиялар борборуна жөнөттү. Ал адистер вирустук жайылышына каршы күрөштө маалыматты башкарууда инновациялык инструменттерди колдонууга көмөктөшөт.

БУУӨП тарабынан жогорку сапаттагы 6 миң 550 ПЦР тест берилгенин дагы белгилеп өтөйүн. Анын жардамы менен бир саат ичинде 8 кишинин 99%-га так анализин чыгарса болот. Бул ыкма кургак учукту аныктоодо колдонулат.

Бул жаатта биз Саламаттыкты сактоо министрлиги үчүн вирус тууралуу коомчулукка так медициналык маалыматтарды жеткирүү стратегиясын иштеп чыктык. Бул стратегияны коомду ар кыл топторуна (айыккандар, дарыланып жаткандар, жаштар жана башка топторго) жеткирүүгө жардамдашабыз. Мындай коммуникация так жана таасирлүү болот.

***— Карантиндик чектөөлөр калктын аярлуу катмарына оор сокку урат. Аларга кандай көмөк көрсөтүлдү?***

— Калктын аярлуу катмарына аялдар, кары-картаңдар, өспүрүмдөр, жаштар жана психикалык жактан ооругандар адамдар жана окуянын чок ортосундагылар кирет. Биздин аракеттер менен  коомдук баардык катмарына бирдей медициналык жардам көрсөтүлүшүнө өбөлгө түзүлдү.

Пандемиянын күч алышына карабай БУУӨП/Глобалдык фонддун ВИЧ менен кургак учукту алдын-алуу, аныктоо жана дарылоо боюнча долбоору медициналык кызмат көрсөтүүнү токтоткон жок. Долбоор Саламаттыкты сактоо министрлигине бейтаптарды үйдөн дарылоону сунуштап, көпкө жете турган дары-дармектер менен камсыздап, дарылануунун видео байкоо аркылуу көзөмөлдөп турду.

Социал-экономикалык жактан системалык жардам көрсөтө турган долбоорлор иштелип чыкты. Анда жумушсуз калып, иш издөөдө консультативдик жардамга муктаж болгон жарандарга кеңеш берилет. Бул ишкер айымдарды дагы камтып, аларга товарларын сатуунун жаңы жолдорун табууга көмөк көрсөтүлөт.

Санариптик чечимдерди бириктирүү аркылуу жумушсуздарды иш берүүчүлөр менен байланыштырабыз. Муктаж болгондор тез арада практика жүзүндө онлайн курстардан окуп, кийинки күнү эле иш таба ала тургандай даярдыктан өтөт. Андан сырткары, келечектүү мүмкүнчүлүктөргө жана аралыктан иштөө жөндөмдөрүн үйрөтүүчү онлайн курстарды бириктирип, киргизебиз.

ТЕКСТ | ЖАЗГҮЛ **МАСАЛИЕВА**

# ЖАЛПЫ МАКСАТТАР ҮЧҮН ӨНӨКТӨШТҮК

# 17



# ЧЫҢ ДЕН СООЛУК

# 3

# УГУУСУ НАЧАР АДАМДАР ҮЧҮН САНАРИП ФЛЕШ-КАРТА ЖАНА МЕДИА АЛИППЕ

# INNO KG СЫНАГЫНЫН ДАГЫ БИР ЖЕҢҮҮЧҮСҮ

Адамзаттын эң көп кездешкен ооруларынын бири угуунун начарлашы болуп саналат. Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун маалыматы боюнча дүйнө жүзүндө 280 миллионго жакын адамдын угуу көйгөйлөрү бар.

Биздин өлкөнү алсак, 5 миңге жакын адамдын угуу көйгөйлөрү бар. Ошондо жыл сайын 100гө жакын наристе ушул сыяктуу оорулар менен төрөлөт. Бишкек шаарында угуусу начар балдар үчүн 2 адистештирилген мектепке чейинки мекеме жана 2 атайын мектеп, ошондой эле республиканын түштүгүндө 1 мектеп бар. Бул мекемелер 1990-жылдары басылып чыккан окуу китептерди жана материалдарды колдонушат.



*“Үчүрда иштеп жаткан эксперттер санариптик материалдарды түзүүдө жаңы маалымат технологияларын колдонууда көп тажрыйбага ээ эмес. Ошентсе да, алар угуусу начарлаган балдар менен көп жылдар бою иштеп, чоң тажрыйба топтоп жана бир нече жылдан бери окутуунун далилденген методологиясын иштеп чыгышкан (балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн жана кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен бирге угуу, сүйлөө техникаларын өнүктүрүү болуп эсептелет).*

*Биз санарип флеш-карталарды үч негизги темалар боюнча иштеп чыгабыз: менин үй-бүлөм, айлана-чөйрө жана арифметиканын негиздери. Флеш-карталар уюлдук-тиркеме түрүндө чыгарылат жана плей маркетте жарыяланат”.*

**РЕНА СУЛТАНГАЗИЕВА**
долбоордун жетекчиси

Бул долбоор БУУӨПтүн Инновациялык чечимдер сынагынын жеңүүчүсү болуп эсептелет. Сынактын алкагында жалпы суммасы 25 000$ барабар үч долбоор колдоо тапкан. Коронавирустун кесепеттерин социалдык жана экономикалык жактан чечүүнүн мыкты идеяларынын бири болгон бул маселе пандемияга чейин эле пайда болгон. Долбоор мектепке чейинки угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн электрондук ресурстарды иштеп чыгууга жана аларды санариптик билим берүү системасына тартууга арналган.
Бул иш-аракеттер COVID-19 пандемияга чейин алты ай мурун башталганына карабастан, аргасыз карантиндин шартында бул иш-аракеттер өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

*“Долбоордун алкагында иштелип чыккан тиркемелер мектепке чейинки мекемелерде окуган балдарга өткөн программаны кайталоого жардам берет. Ошондой эле, “Мектепке чейинки медиа алиппеси” аттуу мобилдик тиркеме иштеп чыгуу пландалып жатат.*

*Ал тиркемеде фонетикалык көнүгүүлөр тууралуу анимациялык материалдар, дактилдик азбука жана жаңдоо тилиндеги видеоматериалдар камтылат. Бул медиа алиппе интернет тармагында жарыяланат, тактап айтканда биздин иштелип чыккан материалдарды баардык каалаган адамдар колдоно алышат”.*

**РЕНА СУЛТАНГАЗИЕВА**
долбоордун жетекчиси

Айтмакчы, бардык материалдар мектепке чейинки жана мектеп адистеринин жетекчилигинин алдында иштелип чыгат. Жеңүүчүлөрдүн тобу жогорку окуу жайын жаңыдан бүткөн жаш балдар жана студенттерден турат. Бул материалдар балдарга грамматиканы тез арада үйрөнүүгө, сөз байлыгын көбөйтүүгө, ассоциативдик ой жүгүртүүнү калыптандырууга жардам берет деп ишенебиз. Бул өз кезегинде балдарга инклюзивдик билим алууга жана коомго кошулууга мүмкүнчүлүк түзөт.



ТЕКСТ | АСИПА **АЛТЫМЫШЕВА**
СҮРӨТ | ЖЕКЕ АРХИВ

# ЖЕРДИН ҮСТҮНДӨГҮ ЖАШОО

# 15

# БРАКОНЬЕРЛИКТЕН ЖАРАТЫЛЫШ КОРГООЧУСУНА ЧЕЙИНКИ ЖОЛ

***"Ачык эле айтайын, мен 2018-жылга чейин тоо эчкилерге аңчылык кылган адамдардын катарында жүрчүмүн. Чыныгы браконьер элем"*, — деп сөз баштады Нурлан.**

Нурлан Мамыркулов "Алатай" мамлекеттик жаратылыш паркында коомдук инспектор. Анын жаратылышты коргоого тартылганына 3 жылга чукулдап калды. Нурлан убагында жапайы жаратылышка кол салып жүрүп, анан кантип аны коргоп калганын баяндап берет.

***Мен ушу тапта "Алатайдын" коомдук инспекторумун. Мындан үч жыл мурун айылдаштар чогулуп өз ыктыярыбыз менен коомдук башталышта жаратылышты коргоп баштаганбыз. Жаратылыш байлыктарыбызды сактап калууга өзүбүз кам көрбөсөк, андан толук кол жууп калаарыбызга көзүбүз жетти.***

***Айыл жеринде жапайы жаратылышты жеке ээнчисиндей көрүп, ага жырткычтык мамиле кылган адамдар бар. Алар тоо эчки, элик, улар атып, аңчылык кылуудан ырахат алышат. Кесепетинде жаныбарлдардын айрым түрлөрү тукум курут болуп бара жатат.***

***Эми чынын айтканда, кезинде мен деле ошолордун бири болчумун. Аң уулап, андан ырахат алып жүрдүк. Бирок жапайы жаныбарлардын саны азайып, жаратылышка кыянаттык келип жатканын көргөндө жүрөгүң ооруйт экен.***

***Аңгыча Токтогул жергебиздин жаратылыш байлыктарын сактоого багыт алган "Алатай", ага улай биздин айылга чектеш "Кан-Ачуу" жаратылыш парктары түзүлүп калды. Биз абдан кубанып, дароо кубаттоого алдык.***

## ЖАПАЙЫ ЖАРАТЫЛЫШТЫ АДАМ ЖЫРТКЫЧТАРДАН КОРГОЙБУЗ

*Биздин тоолордо негизинен тоо эчки, элик, аюу, суур, кашкулак байырлайт. Кан-Ачууга чектеш тоолорубузда ак илбирс бар. Ал эми Каракыр-Ата деген тоодо Кызыл китепке кирген улар канаттуусу да көп кездешет. Айылга жакын аймактарда кыргоол дагы пайда болуп калганып көрүп жүрөбүз.*

*Негизинен, биз "Алатайдын" егерь-токойчулары менен биргеликте жапайы жаныбарларга шарт түзөбүз. Мисалы, тоо эчкилерге, эликтерге туз таштайбыз, кышка тоют даярдайбыз. Мындан сырткары, эл арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, браконьерлер менен күрөшүп, айтор жан-жаныбарлардын сакталып, көбөйүшүнө салымыбыз зор десем жаңылышпайм. Жаз, күз Кара-Суу көлүнүн айланасында жаныбарларга санак жүргүзүп, көлдүн жээгин эс алуучулардан калган таштандылардан да тазалап турабыз.*

*Такай рейд жүргүзүп турабыз. Кара-Суу көлүнөн эки жолу мыйзамсыз балык уулаган браконьерлерди кармаганбыз. Аларга мыйзам чегинде чара көрүлдү.*

СҮРӨТ | СЭМ БАРАТАЛИЕВ




СҮРӨТ | **НУРЛАНДЫН ЖЕКЕ АРХИВИНЕН**

## БУУӨП-ГЭФтин БАТЫШ ТЯНЬ-ШАНДЫН БИОАРТҮРДҮҮЛҮГҮН САКТОО БОЮНЧА ДОЛБООРУ БИЗГЕ ЧОҢ ЖАРДАМ БЕРЕТ

*Негизинен, бардык жүргүзгөн иштерди мыйзамдын талаптары боюнча аткаруу биринчи милдет. Эл менен иштеше билиш керек. Ишибиз башталгандан тартып бизди БУУӨП-ГЭФтин Батыш Тянь-Шандын биоартүрдүүлүгүн сактоо боюнча долбоору колдоп келүүдө. Алар бизге атайын окутууларды өткөрүп, жыйынтыгында жаратылышты сактоого тиешелүү укуктук-ченемдик актылар, браконьерликке каршы иш-аракеттер боюнча билим алдык.*

*Мындан сырткары, инспектордун укук-милдеттери, биринчи медициналык жардамды кантип көрсөтүш керектиги тууралуу да ушул окутуулардан билдим.*
*Ошондой эле, долбоор бизди атайын униформа жана дүрбүлөр менен камсыз кылып, фотокапкан жана GPS-навигатор менен иштөөнү үйрөттү.*

## АДАМДАРДЫН АҢ-СЕЗИМИ ӨСҮП ЖАТАТ

*БУУӨПтүн Токтогулдагы өкүлчүлүгү менен биргеликте биз жасап жаткан иштерибиз тууралуу жыл сайын мектеп окуучуларына лекция окуп, аларды жаратылышты коргоого чакырып, экологиялык билим деңгээлин көтөрүүгө аракет жасап келебиз.*

*Мисалы, быйыл жеткинчектер менен бирге канаттууларга уя жасап, аны бактын башына илдик. Муну менен жаш муунду табият менен таттуу мамиледе болууга үндөп жатабыз.*

*Негизинен, айыл тургундары жапайы жаныбарларды сактап калууга болоорун, ага аяр мамиле жасоо керектигин түшүнө баштады. Айылдагы бизди колдогон, жаратылышты сактоого кызыккан адамдардын тобунан жамаат болуп түзүлүп жатабыз. Жаратылыштын сакчылары көп болсо, табиятыбыз туруктуу болот. Айыл тургундарына түшүндүрүү иштерин колго алып, алардын аң сезимин өзгөртүү боюнча иштейбиз. Кооз жаратылышыбызды сактоо аркылуу, экотуризмди өнүктүрүү планыбыз бар.*



СҮРӨТ | **НУРЛАНДЫН ЖЕКЕ АРХИВИНЕН**



ФОТО | НУРЛАНДЫН ЖЕКЕ АРХИВИНЕН

## БУУӨП-ГЭФ ДОЛБООРУ ТУУРАЛУУ

*БУУӨП азыркы учурда “Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биотүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо” долбоорун ишке ашырып жатат. Долбоордун негизги максаты - уникалдуу жаратылыш комплекстерин жана биоартүрдүүлүктү сактоо, сейрек жана жоголуу коркунучунда турган жаныбарлардын жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн түрлөрүн коргоого жардам көрсөтүү болуп саналат. Долбоор Глобалдык экологиялык фонддун (ГЭФ) каржылоосунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги менен өнөктөштүктө ишке ашырылып келет.*

## БИРГЕЛЕШКЕН ПАТРУЛДУК ТОПТОР ТУУРАЛУУ

*Долбоордун алкагында браконьерликке каршы күрөштү күчөтүү үчүн биргелешкен патрулдук топтор түзүлүп, алардын иш пландары иштелип чыгып, биргелешкен рейддер уюштурулууда. Патрулдук, укук коргоо жана көзөмөл тутумун өркүндөтүү максатында атайын окуулар өткөрүлүп жана жергиликтүү коомчулуктар менен иш жүргүзүлүүдө. Долбоордун алкагында, биргелешкен патрулдук топтор байланыш, оптика, камера, экспедициялык шаймандар менен камсыз болушкан.*

ТЕКСТ | МИРЛАН **ДЫЙКАНБАЕВ**



# КЛИМАТЫК ӨЗГӨРҮҮ МЕНЕН КҮРӨШ

15



## ТУРИЗМДЕГИ ЖАҢЫ ДЕМ

# ЭТНИКАЛЫК ТУРИЗМ

Улан Абдуллаев:
***Балчылык — бул жөн эле киреше булагы эмес, бул — философия***

30 жаштагы Улан Абдуллаев 15 жылдан бери бал челек кармап келет. Анын өспүрүм кезинде балчылыкка кызыгуусу артып,
өз алдынча үйрөнүп баштаган. Андан бери канча кыйынчылыктарга дуушар болсо дагы ишин таштаган жок. Учурда челектерин көбөйтүп, жаңы технологияларды өздөштүрүү аракетинде.

***“Мектепти бүткөндөн кийин менде жогорку окуу жайга окууга мүмкүнчүлүк болгон жок. Бирөөнүн кол астында иштегим келбеди. Андыктан өзүмө ылайыктуу жумуш издедим. Негедир 15 жашымдан эле балчылыкка кызыгып жүргөм. Анан ошол ишимди өнүктүрүүнү чечтим”.***

Аарылар менен иштөө оңой эмес болду. Баары кырылып, бал челектери бош калган жылдар да болду. Түшүм ала албай калган күндөр баштан өттү. Жыл жемиштүү болуп, кампа балга толгондо аны сата албай, кийинки жылга калып калган учурлар кездешти. Бирок, Улан баштаган жолунан артка кайткан жок. Анын айтымында, балчылык анын жан дүйнөсүнө жакын.

***“Мен алгач бал челек кармап баштаганда, бул тармакта жалаң эле орто жаштан өткөндөр, айрыкча орус улутундагылар иштешет эле. Эгер алар чет өлкөгө көчүп кеткен балдарынын аркасынан кетсе, кыргыз балын ким жасайт деген ой келди. Негизи менин кыргыз балынан келечегинен күмөнүм жок болчу”,*** — дейт Улан Абдуллаев.

Учурда кыргыз балы ондогон өлкөгө экспорттолуп, даамы жана экологиялык тазалыгы менен дүйнөлүк сыйлыкка татууда. Балчылык бүгүн айыл-чарба тармагынын кирешелүү булагына айланып, ишкерлер бал челектеринин санын 500гө чейин көбөйтүшүүдө.

Улан дагы жаңы тилкелерди сатып алып, челектеринин санын көбөйтүүдө.
Ал агасы менен чогуу иштейт.
Сезон учурунда 3-4 кишини жумушка тартат.

***“Албетте эртеден кечке иштебейбиз. Бирок, саатына санасак жарым жылдын убакыты кетет. Бош убакытта челектерди, сүйрөгөн платформаны жасайбыз”.***





Ысык-Көлдүн аба-ырайы акыркы жылдары туруксуз болуп, балчыларга түйшүк жаратууда.

*“Биздин түшүм көп нерсеге байланыштуу. Биринчиден, аарылардын породасы, айрыкча энеси канчалык күчтүү болсо аарылардын саны көбөйүп, көп топтошот. Климат дагы чоң роль ойнойт. Мисалы, мурда биздин региондо аба-ырайы туруктуу болчу. Азыр шамал көп жүрүп, жаан да көп жаай турган болду”,* — дейт Улан.

Айыл-чарба жерлеринин өздөштүрүү дагы балчыларга тоскоолдук жаратат. Эгин эгилген жерде чөптөрдүн, гүлдөрдүн көп түрү жоголот. Акыркы жылдары малдын да саны көбөйүп, жайлоодогу чөптөр тепселип калууда. Сүт иштетүүчү ишканалар ачылып, айыл жеринде бодо мал кармаган тургундардын саны өстү. Мунун баары аарылардын жемин азайттуура алып келүүдө.

*“Дүйнө жүзүндө аарыларды чаңдаштыруу үчүн дагы кармашат. Биз дагы ошого жетебиз го. Бизде азыр аарылардын жаңы түрлөрү алынып келинип, балчылар кооперативге биригип, өсүүсү жакшы. Бирок, экспорттун талаптарына жооп берүү татаал. Биздеги эски жабдууларды алмаштыруу керек. Анын үстүндө эл аралык стандарт боюнча тиешелүү мыйзам кабыл алынып, аарылар дагы каттоодон өтүшү керек”,* — дейт балчы.

Кыргыз балынын экспорту өлкөдө өндүрүштүн аздыгына көз каранды. Экологиялык нукуралуулукту сактоо үчүн балчылар аарыларды дарылоодо дагы жоболорду сакташы шарт.

Айтмакчы аарылар дагы бал челегинде аюулардай кышында уйкуга кирет. Бир жашикте 60 миндей аары болот. Бир бал челек жылына 40-50 килограмм бал берет.

*“Балчылыкка кызыккандар көбөйдү. Каалагандар мени менен жайында иштешет. Ошол аларга окуу жана тажрыйба болот. Бирок, мен акчасына гана кызыккандарды албайм. Анткени алар мээнетти текке кетирип, биринчи кыйынчылыкта эле таштап коет. Балчылык — киреше булагы эмес, бул чоң философия, ага адамдын жан дүйнөсү төп келиши керек”,* — дейт Улан Абдуллаев.

ТЕКСТ | ЖАЗГУЛ **МАСАЛИЕВА**
СҮРӨТ | **БУУӨП КЫРГЫЗСТАН**



# КЛИМАТЫК ӨЗГӨРҮҮ МЕНЕН КҮРӨШ

15



# КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮ

## ФЕРМЕРЧИЛИКТЕГИ ЖАҢЫ БИЛИМДЕР

### ТАМЧЫЛАТЫП СУГАРУУ МЕНЕН ДЫЙКАНДЫН ЧЫГЫМЫ АЗАЙДЫ

Кадамжай районунун Охна айылынында мөмө жемиш тигип иштеген фермер Байсалы Хичибаев суугаттын азабын бир нече жылдан бери башынан өткөрүп келет. Ал 4 жыл мурда 2 гектар кайрак жерди алып, ага бак тиккен.

*“Бакты суугаруу үчүн 80 метр тереңдиктен суу чыгардым. Бирок, электр жарыгына көп акча коротот элем. БУУӨПтүн жардамы менен тамчылатып суугаруу тутумун багыма орноттум. Адистер келип үйрөтүп, түтүктөрдү өздөрүнүн эсебинен коюп кетишти. Азыр электр жарыгына чыгым эки эсе азайды. Мурда ар бир бактын астына 10-15 мүнөт суу койсом, азыр баары бир убакта суугарылып, убакыт дагы үнөмдөлүп жатат. Андан сырткары, мурда арык аркылуу суу арада жоголсо, азыр бактарга толугу менен жетип жатат”,* — дейт Байсалы Хичибаев.

Байсалы Хичибаевдин кошуналары дагы аны көрүп, тамчылатып сугарууга кызыгып жатышат.

*“Биздин аймакта суугат жер аз, басымдуу бөлүгү кайрак. Азыркы тамчылатуу тутуму менен бош жактан жерлерибизди иштете алат экенбиз. Мен азыр өрүктүн түшүмүн алып баштадым, кийинки жылдары алма, алмурут дагы бышып калат”,* — дейт фермер.

## МОЛ ТҮШҮМГӨ, СУУ РЕСУСТАРЫН ҮНӨМДӨӨГӨ КАРАЙ ЖОЛ

Охна айылы кирген Орозбеков айыл өкмөтүндө 7 фермер тамчылатып сугарууга өттү.

***“14 гектардан ашык жер тамчылатып сугарууга өттү. 7 фермердин 1 гектардан 5 гектарга чейин тигилген бак-дарагы бар. Алгачкы түшүмдөрүн алып, быйыл фермерлер сатыкка чыгарып, кирешесин алды. Эмки жылдардан түшүмдүн көлөмү көбөйөт деген ойдобуз”,*** — дейт Орозбеков айыл өкмөтүнүн орун басары Элмира Аскарова.

“Климаттык акылдуу” сугатты жана селден коргоо чараларын киргизүү аркылуу Баткен облусунун климаттык туруктуулугун күчөтүү долбоору бир жылдан бери иш алып барууда. Бул аралыкта бир топ иштер аткарылып, аймактын негизги көйгөлөрүн бирин чечүүгө алгылыктуу кадамдар жасалды.

Долбоордун алкагында облус боюнча 40 чарбанын жалпысынан 82 миң гектар жери тамчылатып сугаруу тутуму менен камсыз болду. Ага 60 миң 187 доллар жумшалды.

***“Облуста суунун жетишсиздиги курч. Каналдагы сууну кезек менен колдонушуп, бир кишиге 2-3 саатка гана суу берилет. Бул убакта чарбасын толук сугарганга жетишпей калат эле. Азыр эми каалаган учурда сугара алат”,*** — дейт БУУӨПтүн суу башкаруу адиси Эмил Аматов.

Долбоор ишин мындан ары жергиликтүү калкты сууну үнөмдүү колдонуу жана окутуу менен улантат.

***“Башында тамчылатып сугарууга анча ынанбаган фермерлер эми өздөрү кайрылып жатышат. Биз аларды окутуп, үйрөтүп беребиз. Өз эсебинен ишке ашырат”,*** — дейт Эмил Аматов.







## ЖАРАТЫЛЫШ КЫРСЫКТАРЫНА АЯРЛУУ АЙМАК

Баткен облусунда сугат иштеринин дагы бир тоскоолдугу — сел. Жаанчыл жылдары жай-жай айлары сел менен коштолуп, аймакты миллиондогон чыгымга учуратат. Арык жана каналдарды бузуп, айыл-чарба тармагына, жеке кожолуктарга дагы чоң өлчөмдө зыянын тийгизет. 2020-жылдын май айында бир эле Лейлек районунда болгон селдын зыяны 69 миллион сомго бааланды. Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматында жыл сайын жаратылыш кырсыктарынын алдын алуу үчүн өлкө бюджетинен 400 миллион сом бөлүнөт.

Аймак жаратылыш кырсыктарына көз-каранды, бирок, андан коргонуу жолдору иштелип чыккан эмес. Элдин жеке кирешеси  жыл сайын климаттык абалга байланышып, жаанчыл жылдары фермер-дыйкандардын мээнетин бир сел жууп кетет.

ТЕКСТ | ЖАЗГҮЛ **МАСАЛИЕВА**
СҮРӨТ | БУУӨП КЫРГЫЗСТАН

## БЕКЕМ КАНАЛ — ТУРУКТУУ ЖАШОО

Облустун аймагындагы Ак-Суу, Алга, Кулунду, Марказ, Орозбеков, Самаркандек жана Төрт-Гүл айыл аймагындагы жети каналда селден коргоочу дамба курулду.

***“Сел жүрүп каналдарды бузуп кетип, анын айынан каналдагы суу токтоп, айыл эли бир нече күн суусуз калат. Ал арада чарбагындагы, же талаадагы эгиндери, мөмө-жемиштери кургап, чоң чыгымга учурайт”,*** — дейт БУУӨПтүн суу башкаруу адиси Эмил Аматов.

Жыйынтыгында 8 миң кубометр суу үнөмдөлүп, 6,5 миң гектар жердин суу менен камсыздалышы жакшыртылды. 92 миң 906 айыл тургунун сууга муктаждыгы жоюлду.

***“Каналдарда оңдоо иштери дагы жүрдү. Аталган аймактарда каналдар суу менен камсыз болуунун негизи булагы болгондуктан аларды тазалоо, оңдоо жана бекемдөө иштери өтө маанилүү”,*** — дейт Эмил Аматов.

Албетте муну менен аймактын сугат маселеси чечилип калган жок. Бирок, эң башкысы жергиликтүү бийликке ишти улантууга багыт берилди.



# КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮ МЕНЕН КҮРӨШ

15

# ДЕМ АЛ

## ТАЗА АБА ҮЧҮН 7 АДАТ

**7-сентябрда бүт дүйнө көк асман үчүн таза аба эл аралык күнүн белгиледи. Бул күнгө карата БУУӨП Кыргызстан Move Green коомдук уюму менен биргеликте таза аба жумалыгын өткөрдү.**

**Жумалык ар бир адам күн сайын эң жөнөкөй адаттарды ишке ашыруу менен абанын тазарышына салым кошоору жөнүндө. #ӨзүңдөнБашта акциясын атайын датада гана эмес, жыл бою өткөрүп туруу айлана-чөйрөнү коргоо чоң салым болот деп ишенебиз.**

## 1 -КҮН

Таштандыны желим баштыкка салып чыгарасыңбы?

—

**Аны чака менен чыгар**



## 2 -КҮН

Абанын сапатын көзөмөлдөгөн тиркемени телефонуңа жүктөп ал.

Мисалы, Aba.kg Android үчүн же AirNow. Балким, сага AirVisual же Aqicn.org өңдүү веб-ресурстар көбүрөөк жагат.

Муну менен сен өзүңдүн шаар ичиндеги кыймыл-аракетиңди аба таза убакыт же абасы тазараак жерлерге карап пландай аласың.





## 3 -КҮН

Үйдө абаны тазалай турган гүл өстүр



# 4 -КҮН

Сатып алууларды акыл калчап жаса. Жергиликтүү өндүрүштөгү продукциялардын (жашылча-жемиш, сүт азыктары жана башка) үнөмдүү жана желим эмес кутудагыларын танда.

Импорттук продукцияларга көбүрөөк ресурс коротулат. А товар канча кичине болсо, анын кутусу ошончо чоң болот.

# 5 -КҮН

Желим бөтөлкөлөрдү ыргытпа. Азыр Бишкекте аларды кабыл алган жерлер көп.

Аларды Tazar тиркемесин колдонуп тапсаң болот.

Эгер ага мүмкүнчүлүк же убактың жок болсо, анда желим бөтөлкөлөрдү өзүнчө жыйнап көчөдөгү таштанды бактардын жанына таштап койсоң, аны үй-жайсыздар жыйнап барып өткөрөт.



# 6 -КҮН

Тишиңди жууп жатканда, суу керек эмес болгон маалда сууну өчүрүп кой. Орточо эсеп менен крандан бир мүнөттө 7 литрден 11 литрге чейин суу агып кетет. Андыктан тишиңди жууп, сакал алып, идиш жууп жаткан маалда сууну маал маалы менен өчүрүп тур.

Ошондой эле жарыкты бөлмөгө кирип чыккан сайын өчүрүп, такай колдонулбаган жабдыктары электр тогуган ажыратып кой. Анткени токту иштеп чыгуу үчүн дагы суу коройт да. Сууну үнөмдөөнүн башкы эрежеси — аны дайыны жок агызба.





СҮРӨТ | РУСЛАН **КУБАНЫЧБЕКОВ**

# 7 -КҮН

Чөп жана жалбырактарды өрттөбө. Күзүндө жаңы конуштарда жана айыл жеринде терезе-эшикти ачууга мүмкүн эмес. Өрттөлгөн чөп же жалбырактын жыты жагымсыз болгону аз келгенсип, уулуу дагы. Андыктан аларды өрттөбөй, бактардын түбүнө төгүп жер семирткичке айландыр, болбосо муниципалдык кызматтарга чалсаң чыгарып кетишет.

Эгер өрттөп жаткандарды көрсөң мэрияга чал (телефон номурлары мэриянын сайтында), бул үчүн айып пул салынат.